**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ
НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МАГИСТРАТУРА, АСПИРАНТУРА
ЖАНА ДОКТОРАНТУРА ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ**

**Жаңыбаева М. А., Мокеева А. М., Жантаев А. С.**

# Ж. СААЛАЕВДИН ПОЭЗИЯСЫНДА ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Бишкек – 2024**

УДК: 821.512.154 (Кирг)
ББК 83.3 Ки
Ж-27

Рецензенттер:
Ж. А. Токтомаметова – филология илимдеринин кандидаты
З. Т. Ысакбаева – филология илимдеринин кандидаты

Ж-27. Жаңыбаева М. А., Мокеева А. М., Жантаев А. С. Ж. Саалаевдин поэзиясында жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышы: Кошумча окуу куралы. – Б.: 2024. – 54 б.

ISBN 9967-21-201-2

Бул окуу куралында акын Жедигер Саалаевдин поэзиясында жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылтылышы жөнүндө кеп болот. Негизинен акындын чыгармачылыгындагы Ата Мекен, үй-бүлө, эмгек баалуулуктарынын камтылышына басымдуу көңүл бурулат.

Окуу куралы адабият таануу илимине кызыккан жалпы окурмандарга, жогорку класстардын окуучуларына, студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга, докторанттарга ж.б. арналат.

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Магистратура, аспирантура жана докторантура жогорку мектебинин илим, өнүктүрүү жана басма ишмердүүлүгү бөлүмү басмага сунуш кылган.

УДК: 821.512.154 (Кирг)
ББК 83.3 Ки

ISBN 9967-21-201-2

© Жаңыбаева М. А.
ж.б., 2024

## МАЗМУНУ

**Киришүү ....................................................... 4**

**I Бөлүм. Жалпы адамзаттык баалуулуктар түшүнүгү ....................... 5**

1.1. Баалуулук түшүнүгү тууралуу ....................................... 5

1.2. Кыргыз поэзиясында жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышы ....................................... 7

**II Бөлүм. Ж. Саалаевдин поэзиясындагы жалпы адамзаттык баалуулуктар ....................................... 30**

2.1. Ж. Саалаевдин чыгармачылык жолу ....................................... 30

2.2. Ата Мекен баалуулугу ....................................... 36

2.3.Үй-бүлө баалуулугу ....................................... 39

2.4. Эмгек баалуулугу ....................................... 46

**Корутунду ....................................... 50**

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси ....................................... 52**

## КИРИШҮҮ

Таланттуу акын Жедигер Саалаев агайыбыздын калеминен жаралган ырлар жана поэмалар ар тараптуу адабият таануучулук мүнөздөгү илимий изилдөөгө алынбай турат. Мына ушул негизге таянуу менен, биз Ж. Саалаевдин поэзиясында жалпы адамзаттык баалуулуктардын камтылышын карап чыгуу актуалдуу болот деп чечтик.

Бул окуу куралынын **илимий проблемасы** акын Ж. Саалаевдин поэзиясы кеңири изилденилбей келгендигинде жатат. Ошентип, проблема биз ысымын атаган акындын поэзиясына адабият таануучулук талдоо кылуу менен шартталат.

**Окуу куралынын максаты –** Ж. Саалаевдин поэзиясынын терең аксиологиялык мазмундуулугун адабият таануучулук аспектте ачуу.

**Окуу куралынын милдеттери** алдыга коюлган максат менен шартталып, төмөнкүлөрдө турат:

1. Баалуулук түшүнүгүнө кыскача мүнөздөмө берүү;
2. Кыргыз поэзиясында жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышына сереп жасоо;
3. Ж. Саалаевдин поэзиясында Ата Мекен баалуулугунун чагылтылышын ачуу;
4. Ж. Саалаевдин поэзиясындагы үй-бүлө баалуулугунун ролун аныктоо;
5. Ж. Саалаевдин поэзиясында эмгек баалуулугунун камтылышына талдоо жасоо.



## I БӨЛҮМ.
## ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАР ТҮШҮНҮГҮ

### 1.1. Баалуулук түшүнүгү тууралуу

Кыргыз адабият таануусунда XX кылымдын 80-жж. тарта көркөмдүк-эстетикалык сапаты жогору адабий туундуларга карата **дөөлөт, нарк, кенч, байлык, баалуулук, мурас, дүйнө** деген сөздөр катарлаш колдонулуп келатат. Социалдык-гуманитардык илимдерде болсо көбүнчө баалуулук (ценность) сөзү басымдуу урунулат.

Маалыматтамалык мүнөздөгү эмгектерден баалуулуктун негизги үч аныктамасын бөлүп көрсөтүүгө болот:

**1. Баалуулук** – бул адамдардын сезимдери баарынан жогору туруучу жана ага умтулууга, абай салууга, сыйлап, таанып, урматтап мамиле кылууга болуучу нерсе [48, с. 507];

2. **Баалуулук** – адам, социалдык топ жана жалпысынан алганда коом үчүн айлана-чөйрөдөгү объектинин (жаратылыш, коомдук турмуштун кубулуштарында кездешүүчү жакшылык жана кара санатайлык, сылыктык жана оройлук, сулуулук жана көрксүздүк ж.б.) оң жана терс мааниси [23, 663-б.];

**3. БААЛУУЛУК** – инсандын бүткүл интенциялык түзүмүнүн көбүрөөк түпкүрлүк катмарынын вербалдашпаган, «атомардуу» түзүүчүлөрүн эң жалпы түрдө – анын умтулууларынын предметтеринин (келер чак аспекти), өзгөчө толгонуунун-ээ болуунун (учур чак аспекти) жана өз «энчисин» жүрөктүн капкасында сактоонун (өткөн чак аспекти) биримдигинде туюнтуучу философиянын негизги түшүнүктүк универсалийлеринин бири, – алар анын ички дүйнөсүн «уникалдуу-субъективдүү барлык» катары конституциялашат» [25, с. 320-321].

Аныктамалардан байкалгандай, дөөлөттөрдү адам баалайт жана ажырымдайт. Ошентип, «баалуулук» түшүнүгү учкан куштай учкул мезгилдин бардык кырларын кучагына алат, «баалуулук» келер чакта да, учур чакта да, өткөн чакта да орун алат жана жашоо кечирет.

Чынында көркөм чыгармаларда деле каармандардын тиричилигинде, жан дүйнөсүндө ушул аталган үч чак терең байланышкан учурлар арбын кездешет. Анан калса адамзаттын тарыхында жаратылган дээрлик бардык көркөм-адабий чыгармаларда сөзсүз түрдө ар кыл дөөлөттөр камтылып, дөөлөттүк мазмундагы ой толгоолор жасалат. Бул байыркы антик дүйнөсүндө, Орто кылымдарда, Кайра жаралуу жана Агартуу доорлорунда, XVII-XX кылымдарда түзүлгөн, керек болсо азыркы XXI кылымда түзүлүп жаткан көркөм-эстетикалык туундуларга бирдей мүнөздүү. Кайсыл гана мезгилдин болбосун көркөм-адабий

чыгармасында ошол өз доорунун руханий-материалдык, моралдык-этикалык дөөлөттөрү чагылтылат.

Баалуулуктар теориясы философиялык билимдин өзүнчө бир тармагы катары XIX кылымдын экинчи жарымында түптөлгөн деген пикир калыптанган. Анткени «чынында да ошол мезгилде «баалуулуктар философиясы» деп аталган, кийин «аксиология» (άξία – баалуулук жана λογοζ – сөз, окуу грек сөздөрүнөн алынган) деп аталып калган кубулуш пайда болгон» [41, с. 8]. Бирок адамзаттын көркөм дөөлөттөргө карата дөөлөттүк мамилеси жана аны теориялык аңдап-түшүнүү аракети, б.а. иликтөө, изилдөө процесстери бул кылымдан алда канча мурда эле жаралганын белгилей кеткенибиз орундуу. Эбактан бери эле кандай гана элдин тилинде болбосун «баалуулук» же «дөөлөт» түшүнүгүн мүнөздөгөн сөздөр жашап келген. Себеби, адам өз турмушунда ар бир кубулушка, затка, окуяга, ишке баа берүүнү илгертен адатка айландырган. Бул көркөм адабияттын туундуларына да тиешелүү. Чынында да алардын ар биринин өз баасы, наркы, куну бар. Ошол себептен, социалдык-гуманитардык илимдерде «баалуулук» категориясына карата ондогон, жүздөгөн өтө ар кыл аныктамалар берилет.

Демек, баалуулукка карата окумуштуулардын мамилеси өзгөчө айкын көп түрдүүлүгү, карама-каршылыктуулугу менен айырмаланат. Ага көптөгөн изилдөөчүлөр көңүл бурушкан. Кээ бир илимпоздор баалуулук категориясына конкреттүү, так, аягына чыгаруучу аныктама дегеле беришпейт. Бул баалуулуктун же дөөлөттүн өтө татаал, көп учурда карама-каршылыктуу табияты менен шартталган. Кандай болгон күнү да баалуулук коомдо мааниге ээ болуп турат. Ошол себептен, жалпылаштыра «маанинин жогору деңгээли – баалуулук» [7, с. 150] деп белгилешет.

Баалуулуктардын табиятына тийиштүү дагы бир өзгөчөлүк – алар коомдун же жеке адамдын кызыкчылыктары менен керектөөлөрүн канааттандырууга кызмат кылышат. Муну адабият таанууга байланыштырсак, кайсы гана мезгилдин болбосун адабий-көркөм туундулары өз боюнда ошол өзү тийиштүү болгон доордун таанымдык, адептик жана эстетикалык дөөлөттөрүн камтышары ачык-айкын. Артыкча көркөм адабиятта адамзатка тийиштүү баалуулуктар ар кыл аспекттерде чагылтылган. Окумуштуулардын айтымында, «Текст маданияттын баалуулуктарын адамдан адамга жана муундан муунга өткөрүүгө жөндөмдүү» [7, с. 150]. Бул жерде көркөм текст, же көркөм адабий чыгарма эске алынып жатат. Демек, көркөм адабияттагы адам баалуулуктарынын тутумун изилдөө, же көркөм адабияттын дөөлөттүк маңызын ачуу азыр адабият таануунун астында турган орчун милдеттердин бири.



## 1.2. Кыргыз поэзиясында жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышы

Жаралуу мезгилинен тартып эле кыргыз профессионал жазма адабиятында, өзгөчө поэзияда баалуулуктук башталмалар орун ала баштаган. Муну окумуштуу О. Ибраимов туура баамдайт: «Кандай болгондо да, «жарык» - «караңгы», «кас» - «дос», «караңгы өтмүш» - «жарык келечек», «бай» - «кедей» антитезаларына негизделген баалуулуктар шкаласы көрсөтүлгөн он жылдыктардагы бүткүл агитациялык-публицистикалык поэзиянын идеялык-эстетикалык өзөгүн түзөт» [16, с. 101]. Бирок бардык эле көркөм жаралгалар үгүтчүл мүнөздө боло берген эмес. Айрымдарында табият кубулуштары, турмуштук дөөлөттөр да сыпатталган. Мына ушул көрүнүштү А. Эркебаев төмөнкүчө белгилейт: «Кызыл гүл» жыйнагы жаш кыргыз акындарын ал мезгилде коомдук-саясий окуялар гана эмес (бул тематика биринчи планда турса да), ар кыл башка кубулуштар да: адамдардын түрдүү сезимдери (кубаныч жана кайгы, сүйүү жана ажырашуу), табияттагы жана турмуштагы сулуулук ж.у.с. кызыктырганын күбөлөйт» [52, 228-б.]. Туура, алгачкы акындарыбыздын ырларынан жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү да, түбөлүктүү темаларды да кездештире алабыз.

Окумуштуулардын оюу боюнча, ошол таптагы поэзиябыздын мыкты үлгүлөрүнүн бири К. Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасы болуп саналат. Азыр кыргыз адабият таануусунда К. Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасына бир топ жогору баа берилип жатат. Алсак, окумуштуу К. Даутов мындай дейт: «Өзүнүн аты аталбай, чыгармалары жарыкка чыкпай, ээсин жоктоп муңканып, бүтүндөй кыргыз окурмандары менен Чындыкты катарлаша өкүнтүп турчу ордуна туралбай, аты жок абышкага олжого берилген Жаңылдай капаста кармалып келген «Жаңыл Мырза» ушундай узун өмүр жолу, таасын тагдыры бар, кыргыз адабиятынын ичинде биринчи сабаттуу профессионал акын жазган **биринчи эстетикалык көркөм баалуулук** катары бүткөн поэма экендигин азыр баарыга таанытып, кайрадан үн салып, кайрадан өзүнө келип бараткан учуру» [8, 49-б.]. Адабиятчы О. Ибраимов К. Тыныстановдун акын катары өнүгүү жолун төмөнкүчө мүнөздөйт: «...автор ырдан ырга өсүп отурду, казак тилиндеги карапайым үгүтчөдөн «Жаңыл Мырза» олуттуу романтикалык поэмасына чейинки жолду басты» [16, с. 94]. Бул мыйзам ченемдүү эле кубулуш. Кайсы гана доордун болбосун көркөм жаралгалары өзүнүн чыныгы баасын алууга толук акылуу.

Биздин оюбузча, К. Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасын кыргыз профессионал жазма поэзиясындагы алгачкы көркөм дөөлөт-

төрдүн бири катары баалоого негиз берген себеп – анын өз мезгилинин фонунда **бийик эстетикалык деңгээлде көркөм иштелиши** болуп саналат. Чыгарманы окуганда анын автору белгилүү бир даражада адабий-теориялык билимдерге ээ болуп калган, калеми такшалган, поэтикалык машыгуу, дасыгуу жолун басып өткөн инсан экенин байкайбыз. Буга анын поэмада композицияны уюштура билүүсү, сөздөрдү тыкыр тандоосу, ыр саптарын дыкаттык менен куруусу, көркөм элес түзүүдөгү кылдаттыгы, ички сезимдерди бере билүүсү, жеке инсан трагедиясын ача алуусу күбө болот.

Арийне, азыркы күндүн көз карашынан алганда, жаңыдан сапарга бет алган кыргыз профессионал жазма поэзиясынан көптү күтүүгө мүмкүн эмес болчу. Анын үстүнө, бул мезгилде эне тилибизде бар болгону төрт гана ыр китеби жарык көргөн. Ошого карабастан, XX кылымдын 18-20-жылдарында жазылган ырлардын арасында Сыдык Карачевдин «Шаңдан, жүрөк», «Күзгү түндө», Касым Тыныстановдун «Ырдаба, сулуу, кыйнаба», «Ала-Тоо», «Эрксиз ажырашканга», «Айрылуу» аттуу ырлары жазма поэзиянын эстетикалык ченемдерине жооп бергендиги, лирикалык сезим-туюмдардын, дөөлөттүк баалоолордун орун алгандыгы менен өзгөчөлөнүп турушарын белгилөөгө болот. Адабиятчы О. Ибраимов «Касым ырларынын жыйнагынын» автору «...лирикалык поэзия баарыдан мурун автордун субъективдүү толгонууларынын көркөм чагылышы, ал эми лирикадагы дүйнө – баарыдан мурун автордун субъективдүү көз карашы аркылуу тартылган дүйнө экендигин... башкаларга караганда эрте да, терең да баамдаганы байкалып турат» [17, 217-б.] деген тыянагын билдирет. Иллюстрация катары К. Тыныстановдун «Ала-Тоо» деген ырынан үзүндү келтиребиз:

*Кечиккен соң зарыгып,*
*«Унутту» деп таарынып.*
*Коргоол менен күн санап,*
*Жүргөндүрсүң камыгып.*
*Түндө жатып уктабай,*
*Күндүзүндө токтобой,*
*Жолоочудан жол сурап,*
*Тургандырсың, Ала-Тоо!* [18, 25-б.]

Бул жерпайы эми гана түптөлүп келаткан кыргыз поэзиясы үчүн жаңы сөз, жаңы ыкма эле. Анда туулган жерге болгон сүйүү чынчылдык менен чагылтылып, ой-сезимдер чын дилден берилип, **Ата Мекен улуу дөөлөт экенине** көңүл бурулат. Академик А. Акматалиев бул ырдын мазмунунда «Уулун сагынган ак элечек эненин элеси кылымдарды карыткан Ала-Тоонун кыргыз баласы үчүн бир боор, кең пейил, мээримдүү энелик образына айланып, анын алыста жүргөн баласы жөнүндөгү сары санаасы, кооптонуусу, түйшөлүүсү, сагынычы терең, ишенимдүү, элестүү ачылат» [1, 263-б.] деп баса көрсөтөт. Кыйла эле кийин, 1946-жылы ушул ыкманы Алыкул Осмонов өз чыгармачылык ишмердүүлүгүндө үзүрлүү колдонуп, даңазалуу «Ата Журт» аттуу ырын жаратат.

Кийинки он жылдыкта, 30-жылдарда, кыргыз акындарынын катары калыңдады, ошого жараша поэтикалык төл да арбып отурду. Аталган он жылдыкта бардыгы болуп жетимиш наамдагы поэзиялык жыйнак басып чыгарылган. Бул учурдагы акындарыбыз ар тараптуу таалим-таасир алуу менен чыгармачылык чеберчиликтерин да өркүндөтүштү. Бул мезгилде кыргыз поэзиясынын мыкты өкүлү катары Аалы Токомбаев алдыга озуп чыга келди. Залкар акындын ушул мезгил үзүмүндөгү поэтикалык туундуларынын ичинде көркөм дөөлөттүк касиет-сапаттарга ээ лирикалар чынында да арбын. Мисал катары анын «Сүйгөнүмө», «Өмүргө», «Эсимде», «Эскерем», «Сизге», «Элестетем», «Эгер болсом», «Кечирип кой», «Тил алса», «Үч чындык» аттуу ырларын келтирүүгө болот. Буларда акын тутунган адеп-ахлактык, турмуштук баалуулуктар ачык-айкын чагылган. Анын бул кездеги ырлары жаңы жаза баштагандарга күчтүү таасир калтырган. Муну төмөнкү салыштыруулар айдан ачык тастыктайт.

*Сүйөмүн мен, өлсөм дагы танбаймын,*
*Сүйгөнүмө өлгөнүмчө канбаймын.*
*Жашчылыктын так кырдаалы турганда,*
*Элим үчүн өмүрүмдү арнаймын!* [46, 198-б.]
(А. Токомбаев «Сүйгөнүмө», 1930)
*Сүйөм сени, сүйгөндүгүм сүттөн ак,*
*Сени сүйгөн тагдырыма ырахмат.*
*Өлгөндө да сенин жыпар жытыңды,*
*Жаткым келет көкүрөккө кучактап.* [27, 28-б.]
(А. Осмонов, «Ата Журтум»,1946).
*Ырас, өмүр аткан октой өтөбү?*
*Ырас, жаштык суу сепкендей өчөбү?*
*Ыйламсырай туткун болуп толкунга*
*Ыраа көрбөс башка доорго көчөбү?..* [46, 128-б.]
(А. Токомбаев, «Өмүргө», 1930)
*Ырас, өмүр кандай кыска, кандай аз,*
*Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.*
*Бирок чиркин аздыгына мейли эле,*

*Анын октой тездигине катат баш.*
*Кечээ гана тигил кырда жок эле*
*Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш.* [26, 21-б.]
(А. Осмонов, «Отуз жаш», 1945)

Мындай мисалдардын катарын дагы да арбыта алабыз. Ушул өңдүү окшоштуктардын себебин издей келгенибизде, биринчиден, таасир маселесин, экинчиден, эстетикалык жалпылыкты айтууга болот.

Ушул мезгил аралыгында кыргыз акындарынын көпчүлүгү поэзияга кадыресе жаңылык алып келүүгө умтулушту. Андай аракеттер оңунан чыккан учурлар да арбын болду. Алсак, Мукай Элебаев «Биз күрөштүн жигити», «Техникага жөнөдүк» ж.б. бир катар ырларын эркин ыр формасында жазган. Бул ошол кезде кеңири белгилүү пролетар акыны В. В. Маяковскийди тууроо эле. Калыстык үчүн айта кетүүчү жагдай, мындай демилгени биринчи болуп Жусуп Турусбеков колго алып, 1928-жылы «Ленин жолу» аттуу ырын жарыялаган. Бул ырды жаш калемгер жаратса да, профессионал акын тарабынан жазылган көркөм дөөлөт сындуу эле кабылданат. Ал эми Жоомарт Бөкөнбаев «Кыргыздын Ала-Тоосу», «Жайдын кечи» өңдүү ырлары менен кыргыз поэзиясына пейзаждык лириканын татынакай өрнөктөрүн алып кирген. Өзгөчө «Жайдын кечи» күнү бүгүн да пейзаждык лириканын классикалык үлгүсү катары саналат. Ушул ырдын алгачкы куплетин келтире кетели:

*Манаттай асман кызарып,*
*Магдырап барат айланам.*
*Чачырайт көбүк бетиме*
*Чамынып аккан дайрадан.*
*Муңайым тартып угулат,*
*Булбулдун үнү сайраган.* [5, 243-б.]

Отузунчу жылдарда жалпы журтка кеңири жайылган ырлардын катарына Ж. Бөкөнбаевдин «Гүл турмуш», «Чынардын ыры», К. Маликовдун «Кызыл атчандар», М. Токобаевдин «Кыздар ай», «Жибек чач», Ж. Турусбековдун «Эсимде», «Кызыл жоолукчан» өңдүү чыгармалары киришет. Жусуп Турусбековдун «Эсимде» аттуу лирикасы элдик ырга айланып, бүгүн да накта шедеврдин жашоосун баштан кечирип, узак өмүр сүрүп келатат. Айта кетүүчү жагдай, бул учурда кыргыз акындары үгүтчүл поэзиянын деңгээлинен жогору көтөрүлүп, чыгармаларында турмуштук дөөлөттөрдү – **өмүр, сүйүү, эмгек, бакыт** ж.б. ургаалдуу чагылта башташкан.



Эпикалык поэзияда да көркөм дөөлөттүк мазмунга ээ бир катар чыгармалар жаратылды. Буга А. Осмоновдун «Толубай сынчы», А. Токтомушевдин «Какшаалдан кат», Ж. Турусбековдун «Энем» поэмаларын мисал келтирүүгө болот. «Толубай сынчы» поэмасында **ак менен каранын, жакшылык менен жамандыктын** күрөшү, «Какшаалдан кат» поэмасында **өмүр, турмуш, мекен, эл, жер** дөөлөттөрү, «Энем» поэмасында **окуунун, билим-илимдин** бийик дөөлөттөр экендиги тууралуу толгонуулар орун алат.

XX кылымдын 40-жылдарында кыргыз поэзиясынын маани-мазмуну жаңы нукка бурулду. Анткени, Улуу Ата Мекендик согуш жүрүп жатты. Ошол себептен алдыңкы планга патриоттук темадагы чыгармалар чыгышты. Бул мезгилде бардыгы болуп сексен ыр китеби жарыяланды. Согуш мезгилинде поэзияда чакырык, кат, ант мотивдери басымдуулук кылып, миңдеген ырлар жазылган. Алардын ичинен дөөлөттүк мазмундагы дурус ырлар катары А. Токомбаевдин «Алкоо», «Өлбөс жигит», М. Элебаевдин «Улуу марш», «Турмуш», К. Маликовдун «Канга кан», Т. Үмөталиевдин «Күн тутулбайт, ай батпайт», «Жер күйүп жатат», Ж. Бөкөнбаевдин «Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга», «Көл үстүндө» деген поэтикалык туундуларын белгилөөгө болот. Мукай Элебаев «Турмуш» аттуу ырында нукура дөөлөттүк мүнөздөгү жекече ой толгоосун чагылткан. Аны толук келтире кетели:

*Кенебей турган дапдаяр*
*Бул турмуш – чапкан жол эмес:*
*Эмгекке бүткөн бул – сапар*
*Түгөнбөс артуу, сан белес.*
*Кай жерде болсо жоо беттеп*
*Кармашып өттүк бир кайтпай.*
*Кезекке келчү жеткинчек –*
*Сенин да жолуң ушундай.* [49, 119-б.]

Көрүнүп тургандай, М. Элебаев ушул кыска лирикасында согуш кырдаалын жан дүйнөсүнөн өткөрүү менен бирге, артка кылчайып, адам турмушун дөөлөттүк өңүттө сергек баалоого жетишет. Ал муну бүт оюн бир чекитке топтоо аркылуу философиялык түрдө билдирет. Адабиятчы С. Жигитов биз мисал кылган ырга жогору баа берип, төмөнкү пикирин ортого салат: «Көптү көрүп, көп ойлонуп, турмуш акыйкаттарынын көбүн өз бетинче кайра ачкан адам гана ушундай жөнөкөй, таасын, акылдуу айтып коюшу мүмкүн» [12, 487-б.]. Байкаганыбыздай, катаал мезгилдин сынагынан өтүү түрүндө кыргыз поэзия-

сынын өкүлдөрүнүн руханий өнүгүүсүндө алга карай жылыштар, дөөлөттүк өзгөрүүлөр жүрөт.

40-жылдарда, согуштан кийин жарык көргөн ыр жыйнактардан да майдан темасына байланыштуу мыкты лирикалык туундулар учурайт. Алсак, М. Алыбаевдин «Эсте секет», «Ыйлабачы» деген ырлары сөзгө алууга татыктуу. Айрыкча, акындын «Ыйлабачы» аттуу ыры бүткүл турпаты менен ырайымсыз согуштун кесепеттерин, ал эл-журтка оор азап-тозок, айтып бүткүс кайгы-муң алып келгенин таза дөөлөттүк негизде баалоого алат.

*Ыйлабачы!*
*Кайгыны ичке батыргын,*
*Сабыр кылчы,*
*Айтканын ук акындын:*
*Коркок бирөө коюнуңда жатканча,*
*Аты жакшы жесири бол баатырдын.* [2, 29-б.]

Поэзиядагы дал ушундай ички мазмундук өсүүнүн, руханий-дөөлөттүк өзгөрүүнүн көрсөткүчү Алыкул Осмоновдун «Махабат» ырлар жыйнагы болуп калат. Анда акындын 1944-жылдын ноябрынан 1945-жылдын апрелине чейин жазылган чыгармалары топтолгон. Мына ушул ыр жыйнагы келечекте Алыкулдун акын катары «экинчи өмүрүн» сүрүүсүнө өбөлгө болгон. Акын өзүнүн жекече сезим-туйгуларын, турмуштук сабактарын, тутунган баалуулуктарын, жалпы жан дүйнөсүнүн назик сырларын аталган жыйнактагы ырларында таасын чагылткан. Ушул жыйнактан орун алган нукура көркөм дөөлөттөр катары «Отуз жаш», «Замандашыма», «Адамзат», «Мен эмнеден уялам?», «Келсем жоксуң», «Сулууга», «Бөбөккө», «Бүкөн», «Каркыра», «Кайыңды» ж.б. ырларын атоого болот. Бул лирикаларда **өмүр, өлүм, сүйүү, эмгек, мекен** дөөлөттөрү өзгөчө түрдө ырга салынат. Бир нече мисалдар келтирели:

*Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырлап,*
*Агып жатса мал кечпес жашыл аралда.*
*Көк арчадай өңдөн азбас болсун деп,*
*Өзүм ичпей, ичирер элем адамга…*

*Мүрөктүн суусун ичирейин дегеним:*
*Адам деген картайгыч тура бечара.* [26]
(Осмонов А. «Адамзат»)



Бул ырында акын адамды жашоодогу эң бийик дөөлөт катары карай турганын, колунан келген бардык жакшылыктарды ага арнай турганын билдирет.

*Кеткен кемтик жакшы ыр менен жетилет,*
*Андай болсо, көп кечикпей кууп жет.*
*Доорубузга каухар чачып калалы,*
*Алдыбызда канча күн бар ким билет?* [26]
(Осмонов А. «Замандашыма»)

Мында өмүр барда эмгек кылуу, бел чечпей эмгектенүү аркылуу элге таанылуу жөнүндө ой айтылат, эмгек турмуштагы бийик дөөлөт катары алдыга чыгарылат. Акын эмгекти өтө жогору баалайт, «көзгө толор эмгек кылбаганына уялат»:

*Мен уялам, мына мындан уялам,*
*Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.*
*Колун кезеп жолуң болгур дегенсийт,*
*Жер шарынан күлүк учкан заманам.* [26]
(Осмонов А. «Мен эмнеден уялам»)

Ушул өңдүү ыр саптары А. Осмоновдун поэзиясына терең дөөлөттүк багыт алуу мүнөздүү экенин айгинелейт. Биз сөз кылган жыйнактан басымдуу байкалган ушул өзгөчөлүк акындын кийинки ыр китептерин да кызыл сызык болуп аралап өтөт. Алсак, «Менин жерим – ырдын жери» (1947) жыйнагындагы «Жоготтум», «Музыка», «Комуз»; «Жаңы ырлар» (1947) жыйнагындагы «Жибек кийген эрке кыз», «Катыңа жооп»; «Жаңы ырлар» (1949) жыйнагындагы «Күз», «Өзүмдү өзүм», «Маляр» сыяктуу терең баалуулуктук мазмундагы оригиналдуу чыгармалары акындын карманган турмуштук дөөлөттөрү башкалардан кыйла өзгөчө экенин көрсөтмөлүү тастыктап берет.

Албетте, А. Осмонов жараткан шедеврлердин таанымалдарынын бири «Ата Журт» болуп саналат. Бул чыгармадан акындын Ата Журтту эң бийик дөөлөт катары тутунары, аны ыйык көрүп аздектери айкын болот. Алыкул коомдо болуп жаткан оң-терс көрүнүштөрдү дөөлөттүк-эстетикалык аң-сезиминен өткөрүп, ошол кезде коомдук-маданий кырдаалдын курчуганын мекенге болгон чексиз сүйүүсүнө айкалыштыра билгичтик менен жеткирет. Бул ырда ар бир сөз, ар бир тыныш белги өзүнө чоң маани сыйдырып, бөтөнчө бир көркөм дүйнөгө айланат.

*Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүрсүң,*
*Кыш да катуу ... бороон улуп, кар уруп...*
*Суугуңду өз мойнума алайын,*
*Жол карайын, токтой турчу, Ата Журт!*

*Түндөр жаман... кырсык салып кетпесин,*
*Наалат келип ат тизгинин шарт буруп...*
*Азабыңды өз мойнума алайын,*
*Из карайын, токтой турчу, Ата Журт!*

*Жаз да башка... Жел тийбесин, абайла,*
*Көпкө турбас мобул турган сур булут.*
*Бүт дартыңды өз мойнума алайын,*
*Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!* [28, 110-б.]

Ошентип, Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгы согуштан кийинки кыргыз поэзиясында мезгил менен мейкиндик алака-катышын чегине жеткире татаалдантып, өзүнчө бир көркөмдүк-эстетикалык, руханий-дөөлөттүк бурулуш жасайт. Бул процесс терең руханий-дөөлөттүк мазмунга ээ, өз мезгилинен аша өмүр сүрүү касиети бар көркөм туундулардын жаралуусу менен коштолот.

Ушул мезгил үзүмүндө Алыкул Осмонов эпикалык поэзияда түзгөн көркөм дөөлөттөргө келсек, «Майдын түнү», «Махабат», «Жеңишбек» поэмалары турмуш чындыгына өзгөчө дөөлөттүк туюм менен мамиле жасоо жаатында айырмаланып турушат. Бул чыгармалар идеялык-мазмундук таасири, көркөмдүк-эстетикалык мааниси боюнча классикага айланып калышкан. Өзгөчө «Жеңишбек» поэмасы жеке адамдын кайгы-касыретин, тарткан убайымын, дөөлөттүк туюмдарын таасын сүрөттөө аркылуу көп маанилүү ойлорду, жандуу турмуштук элестерди, эмоциялуу пейзаждык сүрөттөөлөрдү тулкусуна батырып, XX кылымдагы кыргыз поэзиясынын нукура көркөм дөөлөтү даражасына жеткен.

Албетте, бул жылдары эпикалык поэзия жанрынын өрүшүн кеңейтүүгө салым кошкон акындарыбыз арбын. Алар согуш темасында нечендеген поэмаларды жазышкан. Ошолордун ичинен Жоомарт Бөкөнбаевдин «Ажал менен Ар-намыс» (1943) поэмасы таза баалуулуктук дихотомияга – өмүр менен өлүмдүн күрөшүнө негизделген көркөм дөөлөт экендигин белгилейбиз. Акын өз поэмасында **өмүр** менен **намыс** адам турмушундагы маанилүү дөөлөттөр экенин таамай көрсөтүүгө жетишкен [6].

XX кылымдын 50-жылдарында Райкан Шүкүрбеков менен Мидин Алыбаевдин поэтикалык чыгармачылыгы кыргыз поэзиясына бөтөнчө бир нук кийирген. Адабият айдыңына булардан башка бүгүн кыргыз поэзиясынын классиктери деп таанылган Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуев, Байдылда Сарногоев ж.б. келип кошулган.



Р. Шүкүрбеков термелери жана сатиралары менен окурмандарга алынган. Анын «Жер жөнүндө терме», «Жинди суу» аттуу термелери, «Кыз, жигит» поэтикалык балладасы эл алдында көп аткарылып, шедеврлик деңгээлге жете көтөрүлгөн. «Жинди суу» термеси бардык окурмандарга бул турмушта жалган баалуулуктарга, мисалы, ичкиликке азгырылбоо керек экендигин айтып турат. Жалган дөөлөт болуп саналган ичкилик адамды айбан деңгээлинен да төмөн түшүрөрүн акын төмөнкүчө элестүү тартып берген:

*Ит каппайт сени адам деп,*
*Кыз сүйбөйт сени жаман деп.* [30, 92-б.]

Акындын «Халтурщик досума кат», «Барынан жогу», «Сен эмеспи», «Өзүбүздүн Мишка», «Акча качан жагат» деген сатиралык ырлары жана көптөгөн тамсилдери жасалма сулуулукка, материалдык дөөлөттөргө кызыгуу адам руханы үчүн зыяндуу экенин кашкайта көрсөтөт.

М. Алыбаев кыргыз поэзиясында сүйүү лирикасын жаңы бийиктикке көтөрүүгө жетишет. Анын «Сүйгөнүмдүн сүрөтүнө», «Өзүң бил», «Айтчы, жаным», «Кээде бүркөө, кээде жарк дейт кабагың», «Бир кызга», «Сагындым», «Ойлончу» деген ырларында сүйүү турмуштук негизги дөөлөт катары даңазаланат. Махабат адам өмүрүндөгү эң назик сезим экени, сүйүүдө соодалашууга жол берилбестиги, ашыктык адамды психологиялык жабыргa салары ачылат.

*Кучактадым. Мен сен жакка ыктадым,*
*Сен да ыктадың, кучагымдан чыкпадың,*
*Шылтоо кылып чочубасын дегенсип,*
*Жакаңдагы кызыл гүлдү жыттадым.* [3, 70-б.]
(Алыбаев М. «Сага»)
*Көзүң укмуш – ак чыныда карагат,*
*Көп караба, жүрөгүмдү жаралап.*
*Көөнүң болсо, бир белгиңди түшүндүр,*
*Киши жалдап, сүйө албаймын паралап.* [3, 72-б.]
(Алыбаев М. «Ойлончу»)
*Кыйнабачы жүрөктөгү жарадай,*
*Кылгырбачы, койчу, мени карабай.*
*Же күлүп кой, же кирпигиң ирмечи,*
*Куса болдум сагынганым тарабай.* [2, 19-б.]
(Алыбаев М. «Сүйгөнүмдүн сүрөтүнө»)

Мидин Алыбаевдин ашыктык ырларынын дөөлөттүк чордонунда аялзаты турат, акын ага карата сүйүү сезимдерин түздүк, ачыктык, сезимталдык менен билдирет.

Акындын сатиралары да кыргыз поэзиясынын шедеврлерине айланып, узак жашоо кечирип келатат. М. Алыбаевдин «Ак чүч», «Бюрократ», «Кошоматчы», «Сизге айтам», «Ал эми ким?», «Саадат-кандидат» ж.б. сатиралык чыгармалары турмуштагы терс көрүнүштөрдү баалуулуктук өңүттөн ачуу мыскылга алат. Ал бетин ачкан тескери жосундар бүгүн деле коомубуздан арылбай келатат, андыктан дөөлөттүк мазмундагы бул чыгармалар келечекте да тарбиялык кызмат өтөй берери шексиз.

Сүйүнбай Эралиевди акын катары тааныткан чыгармасы «Ак Мөөр» (1959) поэмасы болду. Ал ушул чыгармасында адам турмушун да, адам баласынын турмуштагы дөөлөттөрүн да, табият көрүнүштөрүн да чебер сүрөттөй алган акындык кудуретин көрсөттү. Поэманы өзгөчө кызыктуу кылган жагдай – анда маанилүү дөөлөттөрдүн – **эркиндик, теңдик, сүйүү, өмүр** ж.б. өткөн теңсиз доордогу аянычтуу абалы таасын берилиши болду. Чыгармада Ак Мөөр менен Болоттун тагдыры өтө таасирдүү чагылтылган [50]. Ошол себептен, поэма азыркы убакка чейин мазмунунан бөксөрбөй, өңү-түсү оңбой, «биздин көркөм сөз маданиятыбыздын асманында Чолпон жылдыздай балбылдап күйүп турат» [4, 23-б.].

Ушул жылдарда аксакал акындарыбыз да өздөрүнүн чыгармачылыгын активдүү улантышып, бир катар урунттуу поэтикалык туундуларын жарыялашты. Мисалы, А. Токомбаевдин «Өз көзүм менен» (1952), «Майлыбай» (1953), К. Маликовдун «Ат коюу» (1954) поэмалары кыргыз поэзиясына салмактуу салым болуп калды. Бул чыгармаларда коомдук турмушта орун алган адамзаттык жаңы дөөлөттөр ырга салынган. Албетте, өткөн доордон калган мурастын басымдуу бөлүгүн совет мезгилинин чындыгын жазганы үчүн эле көркөм дөөлөттөрдүн катарынан чийип салууга болбойт. Бул эч бир **акыйкаттыкка** жатпайт. Ошол себептен биз өз илимий талдообузда ылайыгына жараша аларга кайрылып жүрүп отурабыз.

XX кылымдын 60-жылдары өзгөчө адабий көрүнүш – шарттуу түрдө «алтымышынчылар» деп аталган чыгармачыл муундун аренага келүүсү менен белгиленди. Бул муундун жаралуусун адабият айдыңында көркөм дөөлөттөрдү кайра баалоо шарттады, ушундай дөөлөттүк ишмердүүлүктүн натыйжасында Алыкул Осмоновдун жылдызы жанып, ал жараткан көркөм дөөлөттөр чыныгы баасын алып, акын «алтымышынчылар» муунунун «өкүл атасына» айланды. Алардын дээрлик бардыгы А. Осмоновдун жаркын поэиясынан акындык чеберчиликтин таалимин алышканын жашырышпайт. Кыргыз поэзиясындагы «алтымышынчылардын» көрүнүктүү өкүлдөрү С. Эралиев, С. Жусуев, Б. Сарногоев, Р. Рыскулов, Ж. Садыков, М. Абылкасымова, М. Буларкиева, С. Абдыкадырова, Ж. Тынымсеитова, Э. Турсунов, О. Султанов, Т. Кожомбердиев, Ж. Мамытов, С. Тургунбаев ж.б. болушту.

Сүйүнбай Эралиев «Уяң жылдыздар» (1962) ырлар жыйнагы менен мыкты акындардын бири катары таанылды. Башкасын айтпаганда да, ушул жыйнактагы «Тоодогу кеч», «Сулуу көрдүм», «Жаз» сыяктуу ырлары акындын табигат көрүнүштөрүнө карата дөөлөттүк туюмунун өзгөчөлүгү менен окурманды айран-таң калтырат. Муну тастыктоо үчүн бир мисал:

*Сулуу көрдүм теңтуштар:*
*Ал тигине, карагын,*
*Отурат арык боюнда.*
*Жанына коюп тарагын.*
*Жакында чыгар оюнга.*
*– Оюнга чыкса тосуп ал,*
*Жаз деген болот досум ал...* [51, 22-б.]

С. Эралиевди акындыктын дагы бир бийик сересине чыгарган этаптуу чыгармасы «Жылдыздарга саякат» (1966) поэмасы болду. Бул поэмада **өмүр, өлүм, сүйүү, күчтүүлүк менен алсыздык, ыракат менен азап** өңдүү адамзаттык дөөлөттөр ажырагыс байланышта каралып, аларга акыл-ойдун жаңы бийиктигинен мамиле кылынат. Поэма дөөлөттүк мазмунунун гана эмес, ритмикалык-интонациялык курулушунун дагы жаңычылдыгы менен көзгө илинип, адабий чөйрөдө кызуу талаштарга жем таштады. Чыгарманын дискуссия жаратуусу эле анын нагыз көркөм дөөлөттүк сапаттарга ээ экенин айгинелейт.

Сооронбай Жусуев «Көңүл күүлөрү» (1966) ырлар жыйнагын жарыкка чыгаруу менен чеберчилик жактан толук жетилгенин көрсөттү. Жыйнактагы аталышы анча деле таасирлентпеген ырлар – «Дарак», «Салмак», «Кол», «Бут», «Урук», «Жыт», «Жылуулук» ж.б. – **адам, тагдыр, табият** баалуулуктарын философиялык өңүттө таразалап талдайт. Бир мисал келтирели:

*Муңайып балдак болот майыптарга.*
*Кубанып стол, парта, эшик болот.*
*Ыйлайт да табыт болот аргасыздан*

*Жыргайт да бөбөктөргө бешик болот.* [13]

(Жусуев С. «Дарак»)

Бул саптарда кадимки эле дарактын тагдыры **өмүр, өлүм** дөөлөттөрүнө байланып сыпатталып жатат. Мына ушундан эле ырда аксиологиялык мазмун орун алганына ынанабыз.

Байдылда Сарногоев «Ак калпак» (1961), «Тоолор жана тоолуктар» (1966), «Үзүлбөгөн үмүттөр» (1968) аттуу ырлар жыйнактары менен кайталангыс көркөм дүйнөсү бар акын катары белгилүү болду. Акын өз чыгармачылыгында нукура кыргыз дөөлөттөрүн, кыргыз турмушун ырга салганы менен окурмандарына алынып кетти. Ал көп ырларында тоолук элдин мүнөзүн, пейилин поэтизациялайт.

*Чоку болот тоолордун бийик жери,*
*Чокудай бол кыргыздын жигиттери.*
*Чок кармаган кол менен баатыр бол деп,*
*Чоң атабыз үйрөткөн сени, мени.* [38, 32-б.]

Бул саптардан акындын дөөлөттүк багыт алуусу айкын көрүнөт. Ал жаштарды турмушта бийик болууга, пастыкка барбоого үндөйт.

Акын өз чыгармачылыгы баарыдан мурда элине жагышын, элдин колдоосуна алынышын каалайт:

*Ар бир тилде айкын болуп ырларым,*
*Алсам дагы алкыштарын кыйланын.*
*Ак калпактуу кыргызыма жакпасам,*
*Анда мени акын деп сөз кылбагын.* [38, 8-б.]

Ушул принципти ал өмүр бою сактайт, натыйжада кыргыз элинин сүйүмөнчүктүү акындарынын бирине айланат. Буга анын дөөлөттүк багыт алуусунун кыргыз элинин адеп-ахлактык, турмуштук дөөлөттөрүнө негизделгени чоң көмөк болот.

Рамис Рыскулов – элибиздин өз жүзүнө ээ акындарынын бири. Ал XX кылымдын 60-жылдарында «Ыр чыны» (1966), «Күн майрам» (1967) ырлар жыйнактары аркылуу окурмандарга таанылды. Анын акындык маанайы, дөөлөттүк багыт алуусу шаттуулугу менен айырмаланып, бул турмушка көбүнчө кубаныч менен караган сейрек акындардан болуп саналат. Ал поэзияга өзгөчө бир руханий дөөлөт катары мамиле жасап, өз ырларын элдикинен башкача курууга далалаттанат. Акын катары чыгармачылыкта жасалма коздукка умтулууну жектейт. Анын бул аракети көп учурда оңунан чыгат.

*Чабал акын чабалактап,*
*Оонап жатса керебетте,*
*Уктай албай уйкаш издеп,*



*Баатыр акын –*
*Турмуш жолун издеген*
*Адырлардан, мейкиндерден,*
*Деңиздеги толкундардан.* [31, 23-б.]

Акындын дүйнө көрүмү өзгөчө дөөлөттөр тутумуна негизделген. Ал жашоодогу ар бир күндүн баалуу экенин «Күн майрам» деген ырында символдуу мүнөздө эскертет:

*Акылмандар айтат минтип:*
*Аз көрөсүңөр силер нурду*
*Кыска болот өмүрүңөр.*
*Ошондуктан ар күн таңда,*
*Ар күн таңда ойгонгула,*
*Таң абасын жуткула!*
*Көк мөңгүдөн келген таза серүүндө*
*Көкүрөк керип баскыла,*
*Нур ичкиле көзүңөр менен.* [32, 25-б.]

Р. Рыскуловдун ырлары, анткени менен, калың журтка анча алына берген жок. Калың окурмандар ал тутунган эстетикалык-адептик дөөлөттөрдү анчейин түшүнө алышпады. Акындын дөөлөттөрү карапайым окурмандыкы менен дал келбей калды. Бирок интеллектуалдуу окурмандар – адабиятчылар анын көркөм туундуларын кыйла жогору баалашат.

Омор Султанов өзүнүн «Жылдыздуу түндөр» (1965) жана «Отузунчу станция» (1968) деген ыр жыйнактары менен кыргыз поэзиясынын чектерин кеңитүүгө, аны жаңы дөөлөттүк мазмун жана жаңы табылгалар менен байытууга жетишип, адабий аренага жаңы жана күчтүү көркөм сөз чебери келгенин тастыктап, жалпысынан поэзия жанры жаңы формаларды жана көркөм сөз каражаттарын издөө жолунда күрдөөлдүү өнүгүп баратканын далилдеди. Анын «Унутпадым», «Толкундар», «Паркта поэзия кечесинде», «Алтымыш беш», «Киного кетип калдым Марилина», «Мадам – Париж» ж.б. ырлары поэзия дүйнөсүнө бөлөкчө ойлонгон, бөлөк турмуштук дөөлөттөргө таянган жаңы муундун өкүлү кошулганын көрсөттү.

Акындын махабатка болгон мамилеси эстутумунун бийиктиги, назик сезимдерди көкүрөккө бекем каттап алгандыгы менен өзгөчөлөнөт:

*Эстеймин элесиңе көзүм канбай,*
*Азыр мен амалым жок алыс жакта.*
*Түшүмдөн күндө сени жолуктурган,*
*Ыракмат миң мертебе махабатка.* [42, 63-б.]

(Султанов О. «Унутпадым»)

Ал мекенге карата да ашкере сезимтал мамиле жасап, анын адам турмушундагы бийик дөөлөт экенин астейдил даңазалайт:

*Биз мекенди сүйөбүз деп айтабыз,*
*Ал сүйүүнүн сезбей кайда башаты?!*
*Жерге баткан тамырларды байкадым*
*Жер сагынып канча көздөн жаш акты.* [43, 59-б.]

О. Султановдун көпчүлүк ырлары эмоциялуу келип, ошол эле учурда интеллектуалдуу дагы мүнөз күтөт. Акын катары ал кыргыз поэзиясына бийик акыл-эске ширелген чыгармаларды кийиргендердин бири болуп эсептелет.

Турар Кожомбердиев чыгармаларынын лирикалык добушунун бөтөнчөлүгү, сүрөткердик жөндөмүнүн күчтүүлүгү, метафоралуу ойлоно билүүсү менен айырмаланат. Ал «Көлчүктөгү ай» (1961), «Биз турган жер – бийик тоо» (1965), «Таңкы симфония» (1968) ыр жыйнактары менен окурмандар чөйрөсүнүн көңүлүн өзүнө бурдурду. Акын поэзия ааламына бийик дөөлөт катары карап, поэтикалык ишмердүүлүккө өтө сый мамиле жасайт.

*Ыр деген бул – ырдаш эмес бирөөнүкүн,*
*Ыр деген – ыр жаратыш жүрөктөрдөн.*
*Ыр деген – гүлдү жыттап өтүш эмес,*
*Ыр деген – гүл өндүрүү жүрөктөрдөн.* [19, 38-б.]
(Кожомбердиев Т. «Акындар»)

Анын ырларында **өмүр, мекен, табият, сүйүү, эмгек** дөөлөттөрү басымдуу сөзгө алынып, булардын маани-маңызы, баркы-баасы ачылат. Ал табият көрүнүштөрүн бөтөнчө бир ыңгайда сүрөттөөнүн чебери.

*Көл да мас, деңиз да мас, талаа да мас,*
*Тоо да мас, дарак да мас, калаа да мас.*
*Чалдар мас, кемпирлер мас, бала да мас,*
*Анткени, кыш мүрт кетип, бийликте жаз.* [19, 76-б.]
(Кожомбердиев Т. «Жаз»)

Жолон Мамытовдун «Отту сүйөм» (1969) аттуу ырлар жыйнагы адабий аренада чоң кызыгуу туудуруп, бардыгы аны чыгармачылык жактан өз алдынча жана кадыресе жетилген акын катары таанышты. Ал өз ырларында «курч көздүү», «куйма кулактуу», өзгөчө күчтүү эмоциялуу чебер сүрөткер экендигин таасын көрсөтө алды. Анын «Ата журт», «Романтика», «Издейм сени», «Менин доорум» ж.б. ырлары ойдун тереңдиги, аягына жеткире айтылгандыгы менен поэзия сүйүүчүлөрдүн көңүлүндөгүсүн тапты. Акын **мекен, сүйүү, өмүр** дөөлөттөрүн өзгөчө бир куштарлануу менен ырга салат.

*Ата журтум, бүтпөс ырым өзүңсүң*
*Өмүр сен деп, жүрөк сен деп эзилсин.*
*Даңкан жарган кылымдардын урааны*
*Ар бир баскан кадамыңдан сезилсин.* [24, 79-б.]
(Мамытов Ж. «Ата журт»)

*Издейм сени арасынан элдердин,*
*Бактарынан бардык кооз жерлердин.*
*Сен ааламга издетүүгө жаралсаң,*
*Мен ааламга издөө үчүн келгенмин.* [24, 47-48-бб.]
(Мамытов Ж. «Издейм сени»)

*Уюлгуган тунук ойлор андайда,*
*Чырак болуп жанып турат маңдайда.*
*Кызык, таттуу, табышмактуу жашоонун,*
*Бирок, даамы калбайт тура таңдайда.* [21, 329-б.]
(Мамытов Ж. «Өмүр»)

XX кылымдын 60-жылдарында эпикалык поэзияда да көркөм дөөлөттүк касиетке эгедер бир топ поэтикалык туундулар түзүлдү. Алардын кээ бирлерин атай кетсек, А. Токомбаев «Комуз күүсү» (1960), А. Токтомушев «Сүйүү жана коркунуч» (1961), М. Абылкасымова «Эстелик сүйлөйт» (1965), Р. Рыскулов «Республикам жөнүндө оратория» (1966) ж.б. Аталган поэмаларда **өмүр, сүйүү, тирүүлүк, эркиндик, тынчтык, эмгек** дөөлөттөрүнүн баркы-баасы ачылат.

Окумуштуу О. Ибраимов 60-жылдардагы кыргыз поэзиясынын тарыхын «жылдыздуу жылдар» деп атайт. Ал XX кылымдын 60-70-жылдарын чогулта карап, ушул эки он жылдыкты кыргыз поэзиясынын «Күмүш кылымы» деп белгилейт. Ал мында XX кылымдын башындагы орус поэзиясы күрдөөлдүү өнүгүп, "Күмүш кылым" атына татыган учур менен аналогия жүргүзөт. Чынында эле «алтымышынчылар» ачкан жаңычыл рух 70-жылдарда да жашоосун андан ары улантып, дагы да маанилүү көркөм туундулардын жаралуусун шарттап, кыргыз поэзиясында көркөм дөөлөттүк сапатка эгедер поэтикалык чыгармалардын улам арбуусуна өбөлгө түздү. Бул кезде С. Эралиев, С. Жусуев, Р. Рыскулов, О. Султанов, Т. Кожомбердиев, Э. Турсунов, Ж. Мамытов, М. Абылкасымова, С. Абдыкадырова, Г. Момунова, Ж. Абдыкалыков, Н. Жаркынбаев, Э. Ибраев, Т. Самудинов, Т. Мамеев, С. Акматбекова, Р. Карагулова, А. Узакова, Ш. Келдибекова, К. Сариева, Ш. Мамбетаипова ж.б. көптөгөн акындар кыргыз поэзиясын өз табыл-

галары менен байытып, көркөм дөөлөт наамына татыктуу туундуларын жаратышты.

Албетте, аталган акындардын бир даары өздөрү жетишкен көркөмдүк бийиктикти кармап турууга аракеттенишсе, башкалары өздөрүн окурмандарга таанытууга күч үрөп, поэзияда жаңы сөз айтууга далалаттанып жатышты. Бул өнүгүү процессине тиешелүү мыйзамдуу көрүнүш эле.

Айрым бир мүнөздүү көркөм туундуларга кайрылсак, Р. Рыскуловдун «Келечекти ойготом», «Шаттык», «Күндөй жашайм», О. Султановдун «Ала-Тоодо төрт мезгил», «Фрунзе – ата шаарым», Б. Сарногоевдин «Менин жерим», «Тоолор менин ырыскым», Т. Кожомбердиевдин «Жашоо», «Чөп чабык», Ж. Мамытовдун «Өмүрдө», «Акындык», С. Жигитовдун «Сага», «Мен барам», «Элегия», Т. Мамеевдин «Сен кеткенде», «Карыянын өлүмү», «Ит менен чал» деген ырлары, Э. Турсуновдун бир катар сонеттери дүйнөгө, табиятка, коомго, турмушка карата дөөлөттүк көз караштарынын кашкая көрүнгөн бөтөнчөлүктөргө ээлиги менен кызыгуу туудурушат. Төмөндө айрым саптарга орун берели:

*Алтын шаарым, уч узарып уланмай,*
*Дагы жакшы, дагы көркөм куралмай.*
*Аялуусуң, ыйыгысың элимдин*
*Ала-Тоонун койнундагы тумардай.* [44, 12-б.]
(Султанов О. «Фрунзе – ата шаарым»)
*Чындыгында кыргыздардын жери кең,*
*Казактарга калп болбосмун эми мен.*
*Тоолорумду жазып, жайып жиберсем,*
*Ашып түшөр Азиянын теңинен.* [39, 20-б.]
(Сарногоев Б. «Менин жерим»)
*Энтигип мен да токтойм, булчуң талып,*
*Ойлоном тоо башына назар салып.*
*Аарчыгың келип кетет чеке терин,*
*Үлпүлдөк ак булуттан үзүп алып.* [20, 94-б.]
(Кожомбердиев Т. «Чөп чабык»)
*Апам өлүп, артынан атам ооруп,*
*Айыкпаган дартынан каза болуп,*
*Ошондо да теректер шуулдаган*
*Коштошкондой көрүнөө капа болуп,*
*Кошок айтып жаткандай созолонуп.*



*Шуулдаба, терегим, теректерим,*
*Шуулдасаң ыйлагым келет менин...* [11, 80-б.]
(Жигитов С. «Элегия»)

Биз келтирген бул саптардан 70-жылдардагы кыргыз акындарынын дүйнө туюму, турмушта тутунган дөөлөттөрү бир кыйла өзгөргөнүн, жаңыланганын байкоого болот. Белгилей кетчү бир жагдай, ушул он жылдыкта поэзия айдыңында эмгектенген акындардын көпчүлүгү жалпы процесстен өз жолун, өз темасын таап, ошого ылайык өздүк дөөлөттөр тутумун иштеп чыгып, чыгармаларында жеке көз караштарын, идеялык-эстетикалык, руханий-дөөлөттүк симпатияларын, жакшы көрүүлөрүн чагылтышкан.

XX кылымдын 70-жылдарында кыргыз поэзиясында эпикалык жанр да ургаалдуу өнүгүп жаткан. Бул мезгилдеги көркөмдүк-эстетикалык сапаты бийик поэмалардын катарына О. Султановдун «Аэропанорама» (1970), Т. Кожомбердиевдин «Апа» (1972), Ж. Мамытовдун «Мезгилдин элеси» (1976) деген чыгармаларын кийирүүгө болот. Аталган чыгармаларда **адам, табият, мезгил, мейкиндик, өмүр, өлүм, эне, бала** темалары өзгөчө дөөлөттүк тутумдарга байланышта чечмеленет, мындан акындардын турмушта тутунган руханий-адептик дөөлөттөрүнүн илебин ачык туюуга болот.

XX кылымдын 80-жылдары кыргыз поэзиясынын андан ары өнүгүүсү менен белгиленди. Бул мезгилдеги поэзияда акындарыбыз улуттук дөөлөттөр жөнүндө гана эмес, жалпы адамзаттык баалуулуктар тууралуу жазып, поэтикалык көрүүнүн чектерин аябай кеңейтип, тарыхый жактан өздөрү тийиштүү болгон маданий-руханий айдыңдын сыртына чыгып, бүткүл жер шарынын алкагында ой жүгүртүү билгичтигине ээ болушту. Мындан сырткары, кыргыз акындарынын дүйнө көрүмүндө, ой жүгүртүүсүндө эркиндик руху айкын байкалып, ар кимиси жумурундагысын жашырбай сыр бөлүшүү жөндөмүн көрсөтүп жатышты.

Кыргыз элинин сүйгүнчүктүү акынына айланган Байдылда Сарногоев төмөнкүчө ой жоруйт:

*Акылдуу балдар эненин*
*Ал-жайын сурап карашат.*
*Айбан мүнөз балдары*
*«Өрттөнсө» – дешип самашат*
*Ошондон улам Жер-Эне*
*Оорукчан болуп баратат.* [40, 13-б.]
(Сарногоев Б. «Жер-Эненин балдарына»)

Ырда айтылган ой бүгүн деле эскирген жок. Жалпы адамзаттын мекени болгон жер шары улам күчөп бараткан экологиялык алааматтын туткунунда турат. Акындын айкын көрүнгөн дөөлөттүк багыт алуусу – адам менен табият алака-катышынын төптүгүн сактоо.

Акындын дагы бир ырына көңүл буруп көрөлү:

*Кай бир күнү көрүстөнгө барамын,*
*Капа болом карыш түшүп кабагым.*
*«Жакшы адамдар жашай бербей өлдү ээ» - деп*
*Жашым төгүп бир кайгырып аламын.*

*Кай бир күнү төрөт үйгө барамын,*
*Ачык күндөй ачык болуп кабагым.*
*Ырыс-бакыт коно калат колума*
*Ыңаалаган үнүн уксам баланын.* [40, 54-б.]
(Сарногоев Б. «Кайгыруу жана кубануу»)

Бул чакан ырдын нукура дөөлөттүк маани-мазмунга ээ экени айдан ачык. Анда адам турмушунда **өлүм, өмүр** дөөлөттөрү ар дайым катарлаш жүрөрү, жашоонун бул айлампасы эч качан үзүлбөй турганы айтылат.

Кыргыз поэзиясына өзгөчө үнү менен кошулган акындарыбыздын бири Сүйөркул Тургунбаев турмуш жөнүндө ой толгоосун мындайча билдирет:

*Суу кылып сулууларды,*
*ууктуруп уулуларды,*
*жайратып жакшыларды,*
*жалмантып жамандарды*
*карабай алды-артына*
*калдастап кете берген*
*эгеңиз турмуш деген*
*наркы ушул жер бүткөндөн.* [21, 327-б.]
(Тургунбаев С. «Турмуш»)

Бул тема кыргыз акындар чыгармачылыгында, андан кыргыз профессионал жазма поэзиясында салттуу каралып келген, түбөлүктүү дөөлөт катары нечен ирет түрлөнтө ырга салынган. Бирок дагы деле болсо адам турмушуна кызыгуу поэзияда суубай турат. Мунун өзү көркөм чыгармачылыкта адептик баалуулуктарга болгон муктаждык эч качан өчпөстүгүн айгинелейт.

Акын Аман Токтогулов жалкоолук, билимсиздик, кенебестик кыргыз улутуна эмес, ар бир адамдын өзүнө таандык кемчиликтер экенин



белгилеп, аларды жоюуга, өз мүнөзүн оңдоого ар ким өзү күч үрөшү зарылдыгын, турмушта сөзсүз максатка умтулуп жашоо кажет экенин эскертет:

*Аманбы алты саның – өзүңдө кеп,*
*Быкшыбай, колдон келсе, жалындап өт.*
*Агымдан суурула албас чабалдарга*
*Ар качан себеп даяр, шылтоосу көп.*
*..............................................................*
*Кимдин жок бирден арман көңүлүндө,*
*Оюңдай боло бербейт баары мүлдө.*
*Бирок да ар бир адам байге көксөп,*
*Бир чуркап көрүш керек өмүрүндө.* [21, 364-б.]
(Токтогулов А. «Жалкоолук, билимсиздик, кенебестик»)

Албетте, аталган мезгилде дайымкыдай эле махабат ырлары да жаралып жатты. Кыргыз поэзиясында бул темада ыр жазбаган, ушул турмуштук дөөлөттүн сырларын чечүүгө аракеттенбеген акын болбосо керек. Лириканын бул салаасында көрүнүктүү ийгилик жаратып, окурман жүрөгүнөн түнөк таба алган акын катары Какен Алмазбековду белгилөөгө болот. Ооба, анын чыгармачылыгы адабиятчылардын назарына илинбеди, убагында бааланып-баркталбады. Бирок ырлары эл ичинде түбөлүктүү жашоо кечирип келатат. Мындан биз акындын турмуштук дөөлөттөрү карапайым окурмандын дөөлөттөрү менен белгилүү даражада дал келгенин, бирок адабий-теориялык билимге ээ адабиятчылардын дөөлөттөрүнө туура келбей калганын билебиз.

Бир эле мисал келтирсек, К. Алмазбековдун «Чагылган» аттуу ыры бүгүн да элдин назарынан түшпөй, республикалык дагы, эл аралык дагы конкурстарда эргүү менен ырдалып, кыргыз ырчыларынын аты чыгуусуна өбөлгө болуп келатат. Анын мындай өчпөс кызыгуу жаратуусунун себеби, ырда махабат сезими өзгөчө оригиналдуу сыпатталганында турат. Ыр окуган адамды да, ырчылардын аткаруусунда уккан адамды да кайдыгер калтырбайт.

*Биз ал күнү таанышканбыз жаңыдан,*
*Жарым карыш чыккым келбейт жаныңдан.*
*Аппагыңды көрүп алчы дегенсип,*
*Аңгыча эле жарк дей түштү чагылган.*

*Жарк дегенде неге сени карадым,*
*Жүрөк булкуп жайнап турду жамалың.*
*Дагы-дагы жарк дей түшсө экен деп,*

*Ошондо мен чагылганды самадым.* [21, 237-б.]
(Алмазбеков К. «Чагылган»)

Ошентип, XX кылымдын 80-жылдарында кыргыз акындары өз чыгармаларында руханий, моралдык-этикалык жана гуманисттик дөөлөттөрдү басымдуу чагылтуу аркылуу поэтикалык жаңы бийиктиктерге карай сапар тартып жүрүп отурушту. Натыйжада, келечекте да көркөм дөөлөт катары бааланууучу көптөгөн чыгармаларды жаратууга жетише алышты.

Бул мезгилде эпикалык поэзия күрдөөлдүү өнүгүп, көптөгөн поэмалар жазылды. Алардын ичинен А. Жакшылыковдун «Каниет» (1980), С. Тургунбаевдин «Эки аска» (1980), Ж. Мамытовдун «Асирет» (1981), Ж. Садыковдун «Жер кереметі» (1986), С. Эралиевдин «Кесиринсан» (1989) поэмаларын, Б. Сарногоевдин «Мидинге кат» (1984) сатиралык поэмасын, О. Султановдун «Адамдын турмушу» (1986) ыр менен жазылган романын көркөм дөөлөттүк касиетке ээ туундулар катары көрсөтө алабыз. Аталган чыгармаларда **өмүр, өлүм, табият, мекен, эмгек, сүйүү, жакшылык, акыйкаттык, сулуулук** дөөлөттөрү поэзиянын тили менен кылдат талдоого алынып, учур үчүн мааниси зор моралдык-этикалык тыянактар чыгарылат.

XX кылымдын 90-жылдары зор тарыхый окуялар менен коштолду. 90-жылдардын башында дүйнөдөгү алгачкы адилеттүү коомду түзгөн өлкө катары саналган Советтер Союзу кыйрады. Бул кыйроо көп улуттуу совет өлкөсүнүн калкына, анын ичинде кыргыздарга, айтып бүткүс жабыр алып келди. Албетте, азыр тарыхчылар СССРдин таркоосу менен элибиз эгемендүүлүккө жетишти, эзүүдөн кутулду дегендей пикирлерин жаза калып жүрүшөт. Бирок, эгемендүүлүктүн куну өтө жогору болгонун, ондогон жылдар бою калың элдин мээнети менен куралган коомдук байлык эпчилдердин талоонуна түшүп, олжосуна айланып, маданият чөйрөсү түп тамырынан талкаланып, натыйжада карапайым калк материалдык дагы, руханий-дөөлөттүк дагы катуу кaатчылыкка дуушарланганын унутуу жарабайт.

Аталган мезгил үзүмүндө көркөм адабиятта да терең кризис орун алды. Мунун далили катары Жазуучулар союзунун бир нече уюмдарга чачыроосун, көркөм-адабий басылмалардын, мисалы, «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын, «Ала-Тоо», «Литературный Кыргызстан» журналдарынын чыкпай калуусун көрсөтүүгө болот.

Бул мезгилдеги поэзиядагы акыбал сапаттык ылдыйлоо менен коштолду. Поэзиянын лексикалык кору өзгөрүп, акындар көчөнүн, базардын сөзүн да ылгабай колдоно башташты. Коомдук-турмуштук, адеп-ахлактык дөөлөттөр алмашып, акындар эски менен жаңынын ортосунда алдас уруп калышты, аларды турмуш чындыгы коркунучка батырды. Арийне, коомдук-маданий турмуштун мүнөзүнүн өзгөрүүсү поэзияда чагылды.

Доор алмашкан чакта кыргыз акындары ар түрдүү чалкеш маселелерге баш катырып, замананын көйгөйлөрүн ырга салышканы, натыйжада публицистикалык-жарандык поэзия катуу өнүккөнү айрыкча байкалат.

Чыгармачылыгы 80-жылдарда башталып, бирок так ушул кыйчалыштуу 90-жылдарда акындык жылдызы жанып чыга келген Шайлообек Дүйшеев «Эне тилин унуткандар» деген ырында кыргыз коомундагы азыркыга чейин дабасы табылбай жаткан кеселди төмөнкүчө баян кылат:

*Мен Мураттмын,*
*досторум Мурик дешет,*
*Мурик эмес*
*Мураттмын мен*
*мен ошомун.*
*Орустардын арасында – «дуракмын» мен,*
*Кыргыздардын арасында – «келесоомун».* [9, 24-б.]

Акын улуттук дөөлөттөргө, анын ичинде эне тилге болгон кастарлоосун чыгармачылыгында ар дайым билгизип келди. Алсак, ал жогорку эле теманы кийин мындайча улантат:

*Калдайгандын баары эле канат эмес,*
*Кабыландын баары эле Манас эмес.*
*Калкын чанган, калкынын тилин чанган.*
*Кан болсо да кыргыздын баласы эмес!* [10, 111-б.]

Ш. Дүйшеев азыркы күнгө чейин мааниси кемий элек шедеврлеринин көбүн публицистикалык маанайда жараткан. Атай кетсек, «Кайдыгерлик», «Кыянаттык», «Кыргызбай менен Кыргызгүл баяны», «Ысык-Көлдү сакта дейсиң», «Эсиңе кел» аттуу ырларын, «Жүз кат» ырлар түрмөгүн жогорку көркөмдүктө жазылган нукура көркөм дөөлөттөр катары кароого болот.

Албетте, Ш. Дүйшеев **адам, өмүр, сүйүү, эмгек, табият** дөөлөттөрү жөнүндө да жазды. Андай ырларында өзүмдүк дөөлөттүк багыт алуусун ачык-айкын чагылтты. Акындын «Чөп чабык», «Кыз», «Жаз», «Күз», «Карагат», «Кумдагы сулуу», «Кечмелик», «Туулган жер», «Жамгыр, кыз жана жигит», «Өрт», «Жалгыздык» ж.б. ырлары

ал өзү тутунган турмуштук, адеп-ахлактык дөөлөттөрдү элестүү тартып берет.

Публицистикалык лирикага С. Жусуев, Э. Ибраев, А. Өмүрканов, Ж. Садыков ж.б. бир катар авторлор дагы көп көңүл бурушту. Анткени, доор акындардан турмуш чындыгын, **акыйкаттыкты** айтууну талап кылып жатты. Демек, чыгармачыл инсандар мезгил таламынан, тарыхтын суроо-талабынан четте кала алышкан жок.

Аксакал акындарыбыздын бири Сооронбай Жусуев кыргыз элин бийлеген төбөлдөргө минтип кайрылды:

*Жерди сатпай, берсе болот карызга,*
*Сатсаң кайра алалбасың анык да,*
*Кыңыр иштн бергиле деп түзөтүп,*
*Кыргыз кийин кимге бармак арызга?*
*Жетекчилер, үмүт үзүп койгула –*
*Жер саткандан калбайсыңар тарыхта.* [14, 63-б.]
(Жусуев С. «Жерди саткан – эл сатканга барабар»)

Буга кичинекей түзөтүү – жер саткандар тарыхта калышты, бирок жаманатты болушту. Алар **мекен, абийир, уят, намыс** түбөлүк дөөлөттөрүн **акча, байлык, бийлик** жалган дөөлөттөрүнө алмаштырышты. Натыйжада калың элдин жек көрүүсүнө гана татыктуу боло алышты.

Акын Анатай Өмүрканов аңтар-теңтер түшкөн замандагы элдин оор абалына каңырыгы түтөп, минтип жазды:

*Эл байкуш эстен танды*
*багалбай кара жанды,*
*ыйлагым келет кээде*
*карап алып*
*калч-калч эткен*
*кайырчы кара чалды.* [29, 77-б.]

Антсе да, айрым акындарыбыз, мисалы, Омор Султанов, эл башкарган төбөлдөрдүн калың калктын ырыскысын талап-тоноп жеген бетсиз жосундары акыры жазасыз калбай турганына ишеним көрсөттү:

*Келер бир күн дүйнө тарып, жер тарып,*
*Туш-тушуңа туюк камоо жаралып.*
*Арт жагыңда эң ыплас жол калып,*
*Алды жагың көр-туңгуюк карарып.* [45, 157-б.]
(Султанов О. «Бүгүнкү күндүн ууруларына»)

Замана канчалык оош-кыйыштуу болсо дагы акындарыбыз **өмүр, сүйүү** дөөлөттөрүнөн кыйгап өтө алышпады. Албетте, жашоо мыйзамын аттап өтүү мүмкүн эместиги анык. Ушул түбөлүктүү дөөлөттөр жөнүндө жазылган көркөм дөөлөттүк сапатка эгедер чыгармалар арбын болду. Биз төмөндө бирин-экин мисалдар келтирели:



*Өткөн өмүр өкүнтөт айла барбы?*
*Өкүнгөндө же табар пайда барбы?*
*Күлкү менен, ыр менен таң атырган*
*Күлгүн жаш эй,*
*Күлгүн жаш кайда калды?* [15, 125-126-бб.]
(Ибраев Э. «Күлгүн жаш»)

*Жүр, ээрчитип кетейин өрүкзарга,*
*Сунушумду, сулуу кыз, четке какпа.*
*Сүйүүбүзгө жолугуп айлуу түндө,*
*Сыйыналы бир келген бактыбызга.* [47, 26-б.]
(Тураева М. «Өрүкзарга кетели»)

Ошентип, күр-шар этип кирип келген базар экономикасынын жапайы доору акындардын аң-сезимине бүлүк салды, дүйнө көрүмүн белгилүү деңгээлде өзгөрттү, алар турмуштук дөөлөттөргө башкача көз менен карай башташты. Адам турмушундагы көптөгөн баалуулуктар катаал да, татаал да сыноого кабылды. Бирок поэзиядагы түбөлүктүү адамзаттык баалуулуктарга карата мамиле анчейин өзгөргөн жок.

XX кылымдын 90-жылдарында эпикалык поэзияда көркөм дөөлөттүк мазмунга ээ бир катар чыгармалар түзүлдү. Алардын катарына О. Султановдун «Сен жөнүндө поэма» (1996), Ш. Дүйшеевдин «Карагайчы кемпир» (1999), «Айымай булак» (1999) поэмаларын, С. Жусуевдин «Курманжан датка» (1994) ыр менен жазылган романын кошууга болот. Буларда **сүйүү, өмүр, мекен, намыс** дөөлөттөрү өзгөчө кылдат, өзгөчө чебер ырга салынат.

Ошентип, өткөн XX кылым ичи кыргыз поэзиясында көркөм дөөлөттүк мазмунга ээ көптөгөн чыгармалар түзүлдү. Биз алар тууралуу сөздүн чет-чеберин гана ачып талдоо жасап, кыргыз акындарынын дөөлөттүк багыт алууларын жана жактырууларын мүнөздүү мисалдар менен аныктоого аракет кылдык. Ушунун өзү эле XX кылымдагы кыргыз поэзиясы терең аксиологиялык мазмунга ээ экенин көрсөтөт.

## II БӨЛҮМ. Ж. СААЛАЕВДИН ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАР

### 2.1. Ж. Саалаевдин чыгармачылык жолу

Жедигер Саалаевдин ысымы кыргыз поэзиясында XX кылымдын 80-жылдарынан тартып белгилүү боло баштаган. Акын өзүнүн мазмундуу чыгармалары аркылуу окурмандар чөйрөсүнө жакшы таанымал болууга жетишкен. Анткен менен, аталган акындын чыгармачылыгын изилдөөгө азыркыга чейин анчалык дурус көңүл бөлүнбөй келатат. Анын чыгармачылык жолу туурасында издештире келсек, "Кыргыз Республикасынын жазуучулары" аттуу маалымдамалык мүнөздөгү эмгектин биринчи томунан төмөнкүдөй маалыматтарды таба алабыз:

"Акын Жедигер Саалаев Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылында 1961-жылы 27-мартта туулган. КМУнун филология факультетинин журналистика бөлүмүн, аспирантуранын сырттан окуу бөлүмүн жана КМУУнун бажылык жана юридикалык кадрларын даярдоо боюнча факультетин бүтүргөн.

"Советтик Кыргызстан" гезитинде кабарчы, Кыргызстандын Театралдык ишмерлер союзунун драматургия бөлүмүнүн башчысы, КМУУнун журналистика кафедрасынын башчысы, Кыргыз телеберүүсүнүн "Ата-Журт" жана "Манас" чыгармачыл өндүрүштүк бирикмелеринде продюсер-башкы редактор, Кыргызстан журналисттер союзунун төрагасынын орун басары, КМУУнун укук факультетинде окутуучу, "Кыргыз туусу" гезитинин башкы редактору болуп иштеп келген.

Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын доценти. Юридика илимдеринин кандидаты (2007).

Публицистикага жана поэзияга мектепте окуп жүргөн мезгилинен эле кызыгып, чыгармалары райондук, облустук жана республикалык басылмаларда үзбөй жарыяланып келген.

Биринчи ырлар жыйнагы "Жөрөлгө" деген ат менен 1987-жылы жарык көргөн.

"Мээр жана Мөөр", "Бешик той" аттуу пьесалары Кыргызстандын профессионалдык театрларынын сахналарында коюлган.

1990-жылдан Кыргызстандын жазуучулар, 1979-жылдан Журналисттер жана 1987-жылдан Театр ишмерлер союздарынын мүчөсү.

1991-жылы адабият тармагында Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгына татыктуу болгон" [22, 488-б.].

Акын жөнүндө мына ушундай кыска кабарлар берилген.



Жогоруда белгиленгендей, акындын алгачкы ырлар жыйнагы 1987-жылы "Жөрөлгө" деген аталышта Фрунзеден "Кыргызстан" басмасынан жарык көрүптүр. Андан кийин төмөнкү ыр жыйнактары жарыяланган: "Башат" (Фрунзе: Адабият, 1990), "Аргасыздык ырлары" (Бишкек, ИАнын басмаканасы, 1993), «Аттануу» (Бишкек, Турар, 2011), «Аламан» (Бишкек, Турар, 2011), "Арыбагын, Күн!" (Бишкек, Турар, 2013), "Ак куулар" (Бишкек, КРӨ караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы, 2015), "Манас дух" (Бишкек, Турар, 2020). Көрүнүп тургандай, Жедигер Саалаев кыргыз поэзиясындагы чыгармачылык жолун ырааттуулук менен улантып келатат. Анын соңку ырлар жыйнагы 2020-жылдын мыкты поэтикалык жыйнагы катары таанылды.

Биз акындын «Жөрөлгө», «Башат», «Аргасыздык ырлары» ыр жыйнактарын китепканалардан таба албадык. Анткен менен, аталган жыйнактарындагы чыгармалары иргелип, мыктылары кийинки китептерине, мисалы, «Аттануу» жыйнагына киргизилиптир. Андыктан төмөндө колубузда бар ыр жыйнактарына таянуу менен Жедигер Саалаевдин жалпы поэтикалык чыгармачылыгына сереп жүргүзөбүз.

Ж. Саалаевдин 2011-жылы жарык көргөн «Аттануу» аттуу ырлар жана поэмалар жыйнагына токтолсок, анын курамында «Революциячыл дух жөнүндө эки ыр», «Журналистмин», «Өрттөлгөн ырлар», «Көктөмдөгү ишембилик», «Гезит чыгаруу», «Гезитчинин блокнотунан», «Апама», «Өрдөктөр», «Шак», «Ичкилик жөнүндө ич күптү кеп», «Балдакчан кыз», «Досторбуз», «Чал барат», «Айылдык карыяларга», «Чарпаядагы үчөө», «Дыйкан», «Сүйүүгө», «Сүйгөнүнө арзып жетсин акындар», «Телефон жанындагы ыр», «Апама кат», «Түшүнүү», «Дем алуу», «Эреже», «Монолог», «Шамал жана кыз», «Аял жөнүндө ода», «Жалгыздыкка мактал», «Күз», «Шаршембек», «Жалаяк жайылган үй», «Кетпейсиң ата түшүмдөн» ырлар түрмөгү («Атама», «Так», «Ата тарбиясы»), «Токтогул кайрыктары» («Акынга таазим»), «Төө-Ашуу», «Жаш акын Таалайбек Максүтовго», «Түштүк түрмөктөрү» («Түштүккө мактал», «Сулайман тоо»), «Ак-Муз» поэмасы («Сапар башы», «Элет жери – ырдын жери», «Айылым сен – апам, ага-туугандарым», «Балалык калган үй, атам, мен жана балам», «Алтын күрөк» аралаган көчөлөр», «Келгенбай, Касымбай жана башкалар», «Бар болгула, агалар!», «Кайтуу керек», «Элеттеги жеңелер», «Айыл, жер жана аалам»), «Сулуума», «Поэзия менен сүйлөшүү», «Момун калк», «Хан менен дербиш», «Себепчиси болгум келбейт жаңжалдын», «Элиме», «Табигаттын мыйзамында ката бар», «Жаштык», «Жан дүйнө кудурети же Кудай издөө», «Токой ыры», «Күндү тоскон балалык», «Каман-Суу,

сени түш көрөм», «Жылдыз курак», «Жүрөктө калган жай», «Жаз», «Билинбей келип калды кайрадан күз», «Айылыма», «Көктөм ыры». «Көл эне», «Көлдүн ээси», «Көл кечи», «Көл менен сүйлөшүү», «Көл сулуусу», «Намыс», «Өмүр бою өкүттө өтпөш үчүн», «Күрөш ыр», «Анастасия Сергеевна», «Ош базардын бозосу», «Сулууга», «Аруу жан», «Көчөдө бассаң буралып», «Арноо», «Кадыр түн», «Жандүйнө», «Шаардагы боз үй», «Маңкуртчулук», «Жер алган кыргыздарга», «Ат-Башыда агам бар», «Жолоочуга», «Ак калпак», «Домбура», «Чөмөлө», «Студент», «Үшкүрүк», «Алыкулга», «Устатка», «Акындын жери», «Кыргыз кызы», «Казак дос», «Тойдон кийинки ой», «Алган жарга», «Классташ курбуларга», «Тилек», «Саадатка», «Атантайга», «Памирге кат», «Сенин кайратыңа», «Белгисиз баатырларга», «Кат» деген ырлары бар (баш-аягы токсон сегиз ыры, бир поэмасы топтоштурулган).

Жыйнактын тематикасы өтө кеңири, андагы ырларда сүйүү, өмүр, ата-эне, үй-бүлө, жаштык, балалык, Ата Журт, жыл мезгилдери, турмуш жөнүндө айтылат, ошондой эле арноо ырлары да көп. Мындан биз акындын чыгармачылык чабыты өтө кенен экендигин баамдай алабыз.

Акындын ошол эле 2011-жылы басылып чыккан «Аламан» аттуу ырлар жана поэмалар жыйнагына сереп салсак, ага «Акча жана ыр», «Каректеги элестер», «Балалыкка кездешүү», «Апама», «Апам жөнүндө жомок», «Жомоктун чындыгы», «Эне – бейиш», «Сагыныч», «Кызым Саадатка», «Күүгүмдөгү ыр», «Китепкана», «Заман», «Кайберен кыргыз», «Семетейдей кетсем дейм кайып болуп», «Моюнга алуу», «Арашандагылар», «Аптап», «Таш мырза», «Жел», «25», «Жай», «СПИД жөнүндө санаа», «Катышпай кеткен азыр силер эмес», «М.Т.», «Сары-Челек», «Ысык-Көл», «Жайлоодо», «Сагын аба», «Чаар-Жондогу космос», «Чаар-Жон пейили», «Шайыр жеңе», «Гүлбарчын», «Кара бээнин арманы», «Чаар-Жондо», «Айылыма», «Аял – Адам эмес», «Сүйөм» - деп турат көздөрүң», «Кеч эмес», «Лаззат», «Сүйүү – өмүр», «Г.», «Сынтакпоо керек эч кимге», «Жаз», «Бир майрам», «Нооруз ыры», «Ассалоому алейкум, Нооруз!», «Тоодогу түн», «Айланамды карасам – бүт шайтандар», «Күзгү», «Ак-Муздагы кеч», «Жан оору», «Турмуш», «Кызым Элзатка», «От балдар», «Замандашка», «Казал ыр эмес, кесел ыр», «Афганчы», «Түш», «Жаңы жыл», «Кыргыз тили», «Мекеним – Кыргызстан», «Мугалим», «Кайрат менен Мээримге», «Жылкылар», «Жылкы кыял болуш эмне, жаманбы?», «Кубан ыр», «Күн балдары Москвага келгенде», «Манас дух», «Мен – кыргызмын», «Салкын-Төр», «Күндөр», «Ала-Тоодо Ысык-Көл», «Санжыра», «Жаңырык», «Телефон жанындагы ыр», «Жылдызга», «Мектебиме», «Кашты серпип карашың ов, Кармендей…», «Ийридеги кеч», «Ажайып кеч», «Кочкор жери. Исакеев айылы», «Качкындар», «Кожо-Ахмет Яссавиге», «Байкелерим», «Күзгү кар», «Күзгү «жетим» жалбырак», «Кара көз», «Гүлнара», «Ооруканадагы ыр», «Нурия», «Түлөө», «А…га», «Эки жашка», «Таласта», «Кош нуска», «Аквариум», «Светофор менен сүйлөшүү», «Жаңы жылдык сүрөттөр», «Рахима», «Алтын күз ыры», «Оюнчуктарым», «Өткүн жана төөлөр», «Бөбөгүм», «Талгат», «Жомокчунун ыры», «Жөргөмүш», «Эки дос», «Мечит салып жаткандарга», «Казыбек казалчыга», «Тоголок Молдонун 130 жылдык тоюна», «Аалам алпы», «Ишеним», «Мухтар Шахановго», «Анатай акынга», «А. Ч. Какеевге», «А. Садыковго», «Ш. Дүйшеевге», «Акындык жана асылдык», «Эл күткөн эр», «Акын Кожогелди Култегинге», «Култегинге», «Ай-күнүнө жетип турган аялыма», «Токонго», «Жубайыма», «Көлгө жибердиң эле», «Майра Керим кызына», «Дербиш», «Алик Акималиевге», «Бир карасаң – Брюс Ли»…», «Абыке уулу Чолпонбекке», «А. Акуновго», «Молдакматка», «А. М. Токтосопиевге», «Майсалбек Абдурасуловго», «Махабат Молдалиевага», «Эжеме», «Кыздар ай», «Күлүп кой», «Дульсинея», «Айсулуу», «Телефон жанындагы ыр», «Жылдыз курак», «Кыздар», «Көктөм ыры», «Көктөм ыры», «Айтматов клубунун гимни», «Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук унвиерситетинин гимни», «Журт уюткусу», «Аталар», «Элегия», «Өрт жигиттер ыры», «Ала-Тоонун шумкары», «16 кыз», «Кызыл жоолук жалжалым», «Момун калк», «Урматтуу Качкын агага», «Бакай агабызга», «Токон Ажымудуновго», «Керимкул агага», «Керимкул Төлөгөновичтин 60 жылдыгына», «Кенжалиев Марлис агага», «Сарыпбек Жумалиевге», «Канимет Садыковго», «Элдин уулу Накен Касиевге», «Алтын жеңеме», «Жеңебиз бар», «Турдубекке», «Турдубек доско», «Сүйөркулга», «Кукенге», «Эсенбекке», «Өскөнгө», «Роза аяшыма», «Асылга», «Жамалга», «Жарышып 50гө чыгып жаткан досторума» деген ырлары жана «Акыркы пайгамбар» поэмасы топтоштурулган (бардыгы болуп жүз жетимиш алты ыры жана бир поэмасы орун алган).

Бул жыйнактын мазмунунда өмүр, сүйүү, ата-эне, ага-тууган, жаштык, балалык, Ата Мекен, жыл мезгилдери, табият кубулуштары, жашоо, турмуш өңдүү маселелер олуттуу сөзгө алынат.

Ж. Саалаевдин 2013-жылы жарык көргөн «Арыбагын, Күн!» аттуу жыйнагына көз чаптырсак, андан «Арыбагын, Күн!» аттуу поэмасы, «Кыз Сайкалдын махабаты» балладасы жана «Акыр заман» санаасы же «Алтын доордун» санаты» дастаны орун алганын көрө алабыз. Карап көрсөк, аталган чыгармалар бүт бойдон Манас темасына арналыптыр.

Алардын башкы максаты – кыргыз элин-жерин, Мекенди сүйүү, Манас атаны даңазалоо.

«Арыбагын, Күн!» публицистикалык поэмасы – кыргыз элинин өткөнүнө, бүгүнкү күнүнө жана келечегине, ошондой эле "Манас" эпосуна жана Манас атага болгон жаңыча көз караш. "Кыз Сайкалдын махабаты" балладасы менен «Акыр заман» санаасы же «Алтын доордун» санаты» дастаны да темага карата жаңыча мамилеси жана жалпы адамзат көйгөйлөрүн көтөргөнү менен айырмаланат. Бардык чыгармалардан акындын чеберчилиги, башкаларга окшобогон өз стили, ой өрүшүнүн кенендиги, ички даярдыгынын бийиктиги көрүнүп турат.

Акындын 2015-жылы басмадан чыккан кезектеги «Ак куулар» жыйнагына мурдагы жана кийинки ырлары, балладалары, поэмалары, термелери топтоштурулган. Чыгармаларында автор кыргыз элинин, жалпы эле адамзаттын бүгүнкүсү менен келечеги жөнүндө ой жүгүртөт. Андан тышкары бир катар котормолорру да орун алган.

Жыйнакта «Жуп ак куу», «Касиеттүү жан элең», «Каман-Сууга карай сапар» («Кеч бешимде чыгып калдык кыштактан»), «Шааркан Апа, шар аккан суу – Каман-Суу!», «Каман-Суу кайрыктары», «Акбар Рыскуловдун саламы», «Мушкетёрлор», «Кыргызымдын оймосу», «Базарные женщины», «Жаз», «Үр кыз», «Байбичеме», «Кайра жооп», «Жубайыма», «Акча, тыйын», «Чыныгы бакыт», «Уздардын жаны – оймодо», «Көгүлтүр көл жээгиндеги ойлор», «Көлдөгү жаан», «Көгүлтүр көл, Лира кыз», «Көгүлтүр тоо, көл жээги», «Алмаз – көл», «Каниметке», «Аэропортто», «Фейсбуктан ырларыма карата пикир жазып, «сөз» баккан бейтааныш акын кызга», «Акын жана сөз», «Кош дебейм, мен да кош дебейм», «Кыргыз жерим», «Кыргыз Туусу» гезитинин ураан ыры», «Ата-эне», «Ак куулар», «Талантаалы манасчыга», «Жусуп Мамай Атабыз», «Акындардын генералы», «Жомок акын», «Акын агама», «Чыныгы Султан агайга», «Эгембердиевдин жаркын элесине», «Алмазбек Шаршенович Атамбаевге», «Атакенин Баатыр кыз», «80 жана Омокең», «Чыныгы бай ЧЫНЫ-БАЙ», «Ажонун 60 жашына», «Курманбек Рысбаевге», «Саалаев Үмөтакун Ибраимовичтин 60 жылдыгына», «Кеч табышкан байкеме», «Дордойдун» императору», «Хирург Расул мырзага», «Элзатка», «Поэтический ответ на поэтические пожелания друга А. Зарифьяна от Жедигер Саалая», «Окуусун таштайм деген кызына атасынын айтканы», «Аял ким?», «Үй-бүлө», «Түркиянын Конституциялык соту», «Кесиптештерге», «Zerrin айымга», «Армандуу армян элине», «Бешбармак», «Ала-Тоо аянтында тургузулган монументке чегерилген саптар», «Түшүмдө жазылган ыр», «Арабаев Калыбек» деген ырлары, «Арыбагын, Күн!», «Акыркы пайгамбар» поэмалары, «Кыз Сайкалдын махабаты» балладасы, «Акыр заман» санаасы же «Алтын доордун» санаты» дастаны, кытай акыны Ли Бодон, азербайжан акыны Гидаят Оруджевден бир катар котормолору бар (бардыгы болуп алтыымыш эки ыры, эки поэма, бир баллада, бир дастаны, кырк бир котормосу орун алган).

Ж. Саалаевдин 2020-жылы жарыкка чыккан «Манас дух» жыйнагын барактасак, ага «Манас дух», «Мекеним – Кыргызстан», «Кыргыз тили», «Кооз күндөр», «Апам колдойт, апам коргойт түшүмдө», «Дүйнөдөгү эң мээримдүү адам», «Жайлоо жана ыр», «Ар бириң эр, хан элең!», «Көз көгөргөндө», «Бир суроо», «Досторго», «Шаар курган жигит», «Даңк» медаль алган досума», «М. Касымалиевге», «Кадырлуу досум Кадыржанга». «Өмүрбек Тиллебаевге», «Токо дос», «Бактыгүл Чотуровага», «Башкарманын белеги», «Үйлөнүү той ыры», «Үй-бүлө термеси», «Кан кудам», «Найне-нянька-кудагый», «Теңир-Тоонун илим-билим ордосу», «Жаннатка» кел, жаннатка!», «Талаш», «Түшүмдө жазылган ыр», «Түркияда кызым бар», «Алтын күз», «Ырларыма», «Сыноо», «Судья ким?», «Асыл жан», «Кыргыз эл акыны Гүлсайра Момуновага», «Кашымда олтуруптур тыртык келин», «Кечиргиле!», «Арак жөнүндө», «Эл эмне дейт? Же Интернеттеги итчиликтер», «Судьяга чабуул», «Судьянын кызы» болгону үчүн күнөөлүүбү?», «Калың элде не жазык?», «Көчөттү сындырбагыла!», «Монтаждабагыла!», «Мен ушинтип үмүт арткам уулума», «Көч башы», «Баатыр эже», «Үмөтакун байкеме», «Эжеме», «Үмөкеме», «Гүлнарага», «Кантемирге», «Арбагыңдан айланайын ата-эне», «Каман-Сууга карай сапар» деген ырлары, «Мен – кыргызмын!», «Арыбагын, Күн!», «Бейит башындагы ыймандай сыр» поэмалары, «Кыз Сайкалдын махабаты», «Боогачы» балладалары, «Чабалекей» уламышы, казак акыны Олжас Сулеймановдон, азербайжан акыны Гидаят Оруджевден бир катар котормолору топтоштурулган (баш-аягы элүү үч ыры, үч поэмасы, эки балладасы, отуз алты котормосу орун алган).

Эгерде Жедигер Саалаевдин жан дүйнөсүнөн агылып чыккан чыгармачыл туундулардын баалуулуктук мазмунуна сереп салсак, алардын көпчүлүгүндө коом үчүн негизги, түптүү болуп саналган төмөнкү баалуулуктар орун алганын байкай алабыз – Адам, Үй-бүлө, Ата Мекен, Эмгек, Билим, Маданият, Дүйнө, Жер. Биз мына ушул маанилүү жалпы адамзаттык баалуулуктардын ичинен эки-үчөөнө, атап айтканда, Ата Мекен, Үй-бүлө, Эмгек баалуулуктарына токтолуп талдоо жасоону туура көрдүк.

**2.2. Ата Мекен баалуулугу**

Бардык эле акындар Ата Мекен тууралуу көңүлдү эргиткен ырларды жазышат. Кыргыз поэзиясындагы андай ырлардын эң бир мыкты үлгүсү катары залкар акын Алыкул Осмоновдун "Ата Журт" аттуу лирикасы эсептелип жүрөт.

Жедигер Саалаев дагы ушул салттуу темадан четтебейт. Анын ар бир жыйнагынан Ата Мекенге, анын ичинде кичи мекенге – туулган жерине арналган ырлар ондоп табылат. Аларда Кыргызстандын табияты, тоолору, көлдөрү ж.б. жөнүндө айтылат. Ошондой эле акындын мекен темасындагы поэмалары дагы бар.

"Аттануу" (2011-ж.) жыйнагындагы "Төө-Ашуу", "Түштүккө мактал", "Сулайман тоо", "Каман-Суу, сени түш көрөм", "Көл эне", "Көл кечи", "Көл менен сүйлөшүү" аттуу ырлары, ошондой эле "Ак-Муз" поэмасы Ата Мекен темасында жазылган.

Акын үчүн Ата Мекен поэзияга дем берген өзүнчө бир жандуу энергияга ээ чоң баалуулук болуп саналат. Муну ал төмөнкүчө туюнтат:

*Ырдап турат чөптөр дагы, суулар да,*
*Тоолор дагы, жолдор дагы ырдашат.*
*Акындарым – ырларсыңар булар да,*
*Айылым Ак-Муз, сенсиң мага ыр башат* [33, 81-б.].

Шаарда жашаган акын туулган жерин сагынып жайкы аптапта камыгат. Кичи мекендин көңүл кубанткан элестери ал ойгоодо оюнан, уктаса түшүнөн кетпейт.

*Кулакта ырың бүтпөгөн,*
*Түбүңө чумкуп бүт денем,*
*Суусасам эле дайыма*
*Каман-Суу, сени түш көрөм* [33, 134-б.].

Ата Мекенинин касиеттүү жерлерин акын өзүн төрөгөн энесине салыштырат.

*Ысык-Көлүм, кучагыңда ойносом,*
*Ак чардагың сугун артат асманда.*
*Мындай жыргал болгондур бир ойлосом,*
*Энекемдин курсагында жатканда* [33, 143-б.].

Акын үчүн Ата Мекендин ар бир булуң-бурчу ыйык экендигин биз ушундай саптардан соң жакшы түшүнө алабыз.

"Аламан" (2011-ж.) жыйнагындагы "Сары-Челек", "Ысык-Көл", "Чаар-Жондогу космос", "Чаар-Жон пейили", "Айылыма", "Ак-Муздагы кеч", "Мекеним – Кыргызстан", "Салкын-Төр", "Ала-Тоодо



Ысык-Көл", "Кочкор жери. Исакеев айылы" деген ырлары мекен темасын ачып турушат.

Акын айтылуу Сары-Челектин айтып бүткүс керемет кооздугун төмөнкүчө ырга салат:

*Көк тиреген карагайлар,*
*Көпкөк болгон арчалар.*
*Сары-Челек, арзып сага*
*Келишти экен канчалар* [34, 60-б.].

Ысык-Көлдүн касиети тууралуу мындайча баян кылат:

*Көлгө келсең – чарчаганың жоголуп,*
*Кетет мындан сыркоо жандар оңолуп.*
*Тосуп алат Ысык-Көл жаш баладай,*
*Толкундары моюнуңа оролуп* [34, 61-б.].

Кичи мекенинин бир өңүрү болгон Чаар-Жон тууралуу бейиш төрүнө салыштыруу менен ыр курайт:

*Бейиш төрү болсо болор,*
*Болсо болор ушунча.*
*Тосуп алды бизди тоолор*
*Таажы кийип, кызыл шаа.*

*Француздун ароматы*
*Жыпарына чендебес.*
*Гүлдөр менен кызыл-тазыл*
*Күтөт сени бел-белес* [34, 66-б.].

Жедигер Саалаев өлкөбүздүн жарандарына, өзүнүн окурмандарына, анын ичинде жаштарга Мекендин ыйыктыгын эскертүүдөн эч тажабайт:

*Ак чачып тоскон жыланды дагы,*
*Алпейим элим, ыймандуу баары.*
*Ысык-Көл – тунук, Ала-Тоом – бийик,*
*Кыргызстан – менин Мекеним ыйык* [34, 124-б.].

Салкын-Төр тууралуу төмөнкүдөй ыр саптарын тизмектейт:

*Салкын-Төрдүн салкынынын кызыгы ай,*
*Салкын жерде бүгүн жүрөк ысыды ай.*
*Кыздар турса, кымыз турса сунулуп,*
*Кандай жигит калат экен кызыбай* [34, 139-б.].

Акын турмуштун капшабына кабылган элдерди көрүп, эч ким Ата Журтунан айрылбасын деп тиленет:

*Көр тирликтин көйгөйүнө муңбаган,*
*Көкөй кести, көкүрөк муң, ырбаган...*

*Энесинен эрте калган баладай,*
*Ата Журттан айрылбасын бир да жан!*
*Мекенинен айрылбасын бир да жан!* [34, 153-б.].

Көрүнүп тургандай, акындын жүрөгүнүн тереңинде Ата Мекенге карата ысык сезимдер толуп ташып турат.

"Арыбагын, Күн!" (2013-ж.) жыйнагындагы аты уйкаш поэмасы да Ата Мекен темасынын нечендеген татаал сырларын ачууга багышталат. Бул публицистикалык поэма кыргыз эли мекендеген жерлер туурасында кеңири сөз кылат. Бул поэма "Манас" эпосунун таасиринде жазылган дешке болот. Ал эми кыргыздын даңазалуу эпосу бүт бойдон Ата Мекен темасын камтып турат. Эпосто душман тарабынан чабылып-чачылган кыргыз элин баатыр туулган уулу – Манас Ала-Тоого, Ата Журтка кайрадан кондурат. Аны акын төмөнкүчө сыпаттайт:

*Ошентип Кудай бериптир,*
*"өлбөгөн кулга жаз келип",*
*Алтайлык кыргыз кайрадан,*
*Ала-Тоого көччү күн да келиптир!* [35, 47-б.].

Акындын пикиринде, ар бир жаран Ата Журтка ак кызмат кылуусу кажет. Ал Ата Журтун кор туткандар, элин-жерин кор туткандар, мекенине батпай каларын белгилеп, кыргыздын алгачкы ажолору Аскар Акаев менен Курманбек Бакиевдин тагдырларын мисал келтирет.

"Ак куулар" (2015-ж.) жыйнагындагы "Кеч бешимде чыгып калдык кыштактан", "Шааркан Апа, шар аккан суу – Каман-Суу!", "Каман-Суу кайрыктары", "Көлдөгү жаан", "Көгүлтүр тоо, көл жээги", "Кыргыз жерим" ырлары дагы мекен темасына арналган.

Кыргыз жеринин касиети – төрт түлүк мал экендигин бала чагынан көрүп өскөн акын, өз ырында мына ошону баса белгилейт:

*Ал күндөрдө өзгөчө шаң бар экен,*
*Каман-Суунун касиети – мал экен.*
*Бектер кетип, эл калганда биз келсек,*
*Каман-Суунун ээнсиреген чагы экен* [36, 11-б.].

Акын кыргыз жеринин бардык аймактарын бирдей көрөт, ал үчүн мекенибиздин ташы дагы ыйык.

*Нарын, Чүй, Талас, Баткен, Жалал-Абад,*
*Ысык-Көл, Ош – баары тең мага жагат.*
*Жетик эли, жети дубан – Жетигендей*
*Жаркырап жылдыздардан салам алат* [36, 40-б.].

"Манас дух" (2020-ж.) жыйнагына кирген "Каман-Сууга карай сапар" ырын элге-жерге, кичи мекенге болгон сагынычтан улам жаралган



деп баалоого болот. Мындагы саптардан акындын ички сезиминде мекенге болгон чоң сүйүү жатканын баамдай алабыз.

*Ак-Муз артта калат колун булгалап,*
*Аңыздарга, адырларга жашынып.*
*Ичке, Ача, Чоң-Ачаны жылгалап,*
*Каман-Суубуз көздөн учат, ашыгып...*

*Апам, боз үй, Каман-Суунун төрүндө,*
*Карагердей нечен кырды ашырган*
*Ал күндөр жок, андан берки өмүрдө,*
*Аны ойлосом ыйлай жаздайм азыр да...* [36, 180-181-бб.].

Ошентип, Жедигер Саалаевдн поэзиясында башкы орунда турган жалпы адамзаттык баалуулуктардын бири жана орчундуусу – бул Ата Мекен болуп саналат. Акындын мекен темасындагы ырларынан ал Ата Журтту эң ыйык деп билерин, аны чын дилден сүйөрүн түшүнө алабыз.

### 2.3.Үй-бүлө баалуулугу

Башка элдердин чыгармачыл инсандарындай эле, кыргыз акындары да өз чыгармачылыгында үй-бүлө жалпы адамзаттык баалуулугуна маанилүү орун беришет. Үй-бүлөнү ыйык тутуп кастарлаган акындардын катарына биз сөз кылып жаткан Жедигер Саалаев дагы кирет.

"Аттануу" (2011-ж.) жыйнагындагы "Апама", "Апама кат", "Жалаяк жайылган үй", "Атама", "Так", "Ата тарбиясы", "Ат-Башыда агам бар" ырлары үй-бүлө темасына багышталган. Үй-бүлөдө негизги орунда ата-эне турат эмеспи. Акын мына ошону көңүлүнөн чыгарбайт дагы, апасы менен атасына сый-урматка толгон сонун ыр саптарын арнайт.

*Убададан тажабайбыз,*
*Тогузубуз – тогуз дүйнө.*
*Бизди багып чоңойтом – деп*
*Токсон түйшүк тарткан энем*
*Алигиче түйшүк менен* [33, 22-б.].

Турмуш өзү ушундай. Бир үйдө тогуз бала болсо, апа анын баарына бирдей мээримин төгөт. Ал эми ошол тогуз бала бой жетсе деле, апа үчүн алар дагы эле бала сезилет. Ошол себептен апалар ар дайым балдары үчүн түйшүк тартышат.

Адам тукумун балдар улай турганы жашоо мыйзамы. Үй-бүлөнүн учугу үзүлбөй туруусунун негизги өбөлгөсү – наристелер. Ата-бабалар "Балалуу үй – базар" деп айтышкан. Акын дагы үй-бүлөнүн уландысы балдар экенин эң жакшы туюп, наристенин жалаягын өзүнчө эле бир керемет ырга айлантат.

*Жалаяктар майрамы –*
*Симфония*
*Шапар тепкен чоң майрам корообузда.*
*Буга аң-таң болобуз да,*
*Капыстан көрө салдык жалаяктан*
*Бакыттын алда-недей өңү-түсүн,*
*Угулду черткен анын залкар күүсү...*
*Залкар күү бардыгын тең магдыраткан*
*Бешикти менин уулум уктап жаткан –*
*Терметти.*
*Мына кызык,*
*Бешикке айланды да биздин үй да*
*Термеле баштадык бир ырахатта.*
*Баарыбыз, бул короо да*
*Байрактай жалаяктар жалбырттаган...* [33, 58-59-бб.].

Акындын эсинен атасынын айтканы кетпейт. Ал танын сөзү уулум жакшы болсо деп айтылганын түшүнөт. Ошондуктан аны ар дайым оюнда бекем тутат.

-*Ай, балам а-аай, уяңдыгың башкача*
*Кантип гана киши болор экенсиң?*
*Бирөө сени жаман жолго баштаса*
*“Кой!” дей албай кошо кетер бекенсиң?..* [33, 60-б.].

Акын мыкты атанын мыкты тарбиясын алган. Ошол себептен өзү да балдарына жакшы тарбия берүүнү каалайт.

*Кокус эгер бир шек кетсе*
*Карабастан катасына,*
*Тиет эгер бир кеп кетсе*
*Эне менен атасына.*

*Ошондуктан атакеме*
*Сөз тийбесе экен деймин.*
*Уулум, сен да ата десең*
*Ойлой жүрсөң экен мени* [33, 64-б.].

Эзелтен ушундай болуп келген. Ата-эненин тарбиясын алган балдар кийин өздөрүнүн балдарына жакшы тарбия берген. Ошентип үй-бүлөнүн учугу уланып жүрүп отурган. Муну акын жакшы түшүнөт.

“Аламан” (2011-ж.) жыйнагындагы “Апама”, “Апам жөнүндө жомок”, “Эне – бейиш”, “Сагыныч”, “Кызым Саадатка”, “Кызым Элзатка”, “Байкелерим”, “Ай-күнүнө жетип турган аялыма”, “Токонго”, “Жубайыма”, “Эжеме” деген ырлар үй-бүлө темасында жазылган.



Албетте, акын апасын ардактаарын ырларында дайыма билдирет. Ал үчүн апасы – дүйнөдөгү эң мээримдүү жан.

*Дүйнөдө эң мээримдүү жан – Апа экен,*
*Дүйнөм түгөл Сиз бар үчүн Апакем.*
*Амандыгым Сиздей эч ким тилебес,*
*Сиз бар кезде карысам да жаш экем* [34, 14-б.].

Акындын апасы тууралуу жомогу бар. Ал жомок окуганды кайдыгер калтырбайт. Жомокто очор-бачар бир үй-бүлөнүн кандайча түптөлгөнү астейдил баяндалат. Ал баян лирикалык маанайга ээ болуп, батадан баар таап, баатыр эне болгон кыздын, кырктан ашканча балалуу болбой жүрүп, тогуз уул-кыз күткөн жигиттин таржымалы ортого салынат.

*Уластып уул төрөптүр,*
*Кызартып кыз төрөптүр.*
*Жумабүбү бешикке*
*Он төрт бала бөлөптүр.*

*Каткан чери жазылып,*
*Кабагы эми ачылып.*
*Ыбыкеңдин үйүнө*
*Ырыс келди чачылып* [34, 21-б.].

Акындын түшүнүгүндө, ар бир үй-бүлөнүн күткөнү, самаганы балалуу болуу, тукум улоо. Дал ушул көрүнүш алардын үй-бүлөсүнүн тарыхында болуп өткөн. Атасы зарыгып жүрүп наристе жытын жыттаган. Үй-бүлө баалуулугунун мына ушундай татаал жагдайлары да бар.

Акын энени бейишке теңдештирет. Анын оюу боюнча эне барда эч бир бала кайгы-муңга кептелбейт. Анткени, эне балдарына мээримин төгүп турат.

*Балдарым деп түзүп турат бейишти,*
*Эне барда балдар билбейт кейишти.*
*Балдар үчүн – бейиш алтын апалар,*
*Балдар бейиш болбогону кейиштүү* [34, 34-б.].

Ата-эненин мээримине бөлөнүп өскөн акын үчүн балдары жанынан артык сезилет. Ал ырларында кыздарына жакшы тилектерин арнайт.

*Жайнап турсун үркөр – көзүң,*
*Кабагың эч бүркөлбөсүн!*
*Алтын башың аман болсун,*
*Ага эч бир күч келбесин!* [34, 36-б.]

*Сүймөнчүгүм, эрмегим,*
*Сүйүндүрүп эл-жериң,*
*Бактылуу кыз боло көр,*
*Бир Кудайым бергеним!* [34, 116-б.]

Ар бир ата-эненин тилеги ушул эмеспи. Акын өзүнүн жакшы ата экенин, балдарына камкор инсан экенин ырлары аркылуу билдирет.

Акын үчүн бир туугандары өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болгон асыл адамдар. Ал байкелерине арнаган ырында мына ушуну жар салат.

*Байкелерим – Ала-Тоодой тирегим,*
*Байкелер бар мен кыйналбай жүрөмүн.*
*Жакшы жагым болсо баары байкемки,*
*Жаман жагым өзүмдүкү билемин.* [34, 155-б.]

Мындай саптар байкелерине эркелеп өскөн адамдын гана калеминен жаралат. Ар бир үй-бүлөдө байкелердин ролу чоң. Алар инилерин бардык нерсеге үйрөтүшөт, турмушка көздөрүн каныктырышат. Үй-бүлө ошонусу менен маанилүү.

Акын эжелерин дагы терең сыйлап-урматтайт. Аларды жанынан жакшы көрүп, сонун ыр саптарын арнайт.

*Алтын эжем төрөлгөндөй мээнетке,*
*Акыңыз бар бүгүн төрдү ээлешке.*
*Арыбаңыз, бар болуңуз, дайыма,*
*Балдар эми сыйлап алар, ээ жезде!* [34, 235-б.].

Ошентип, акын үй-бүлөдөгү бир туугандардын ордун, маанисин абдан жакшы түшүнөт.

Үй-бүлө башында эки адамдан куралат. Бири – күйөөсү, экинчиси – аялы. Курулган үй-бүлө бекем болушу үчүн ушул экөө бири-бирин сыйлоосу, урматтоосу, ынтымакта болуусу кажет. Ошондо гана чыныгы үй-бүлө түзүлүп, ал тагдырдын нечен сыноолорунан тайгылбай өтөт. Акын алган жарын аздектеп, кадырлай билет. Муну анын жубайына арналган саптарынан даана байкай алабыз.

*Белиңди басып берекем*
*Беш убак санааң бөлүнөт.*
*Торсойгон ушул кебетең,*
*Топ кыздан сулуу көрүнөт* [34, 217-б.].

*Дары мага урушканың,*
*Ачууң келип ыйлаганың.*
*Айдап көңүл булуттарын,*
*Жарпым жазат кыйнаганың* [34, 219-б.].



*Ишенип бүт тагдырын маа тапшырган,*
*Ишимди да, ойнумду да жактырган.*
*Ишеничин актап сендей Аялдын –*
*Иш кылуум парз, башка дагы жакшы ырдан* [34, 220-б.].

Акындын ыр саптарынан биз алган жубайы анын бул турмуштагы эң бир чукул адамы, үй-бүлөнүн куту болгон мыкты аялзаты экенин баамдай алабыз. Анын мунусу бардык эркектер үчүн үй-бүлөнү кадырлап күтүүнүн үлгүсү болуп бере алат.

«Ак куулар» (2015-ж.) жыйнагындагы «Касиеттүү жан элең», «Үр кыз», «Байбичеме», «Жубайыма», «Ата-эне», «Ак куулар», «Элзатка», «Окуусун таштайм деген кызына атасынын айтканы», «Үй-бүлө» аттуу ырларынан үй-бүлө темасынын ажары ачылып турат.

Арийне, үй-бүлөдөгү апанын ролуна бул жыйнакта да астейдил көңүл бурулат. Акын эне менен дүйнө түгөл экенин өтө элестүү баян кылат.

*Сиз келгенде туруучу толуп дүйнө,*
*Өзүңүздөй керемет болуп дүйнө.*
*Тилибиз таап, мээримиң төгөр элең,*
*Тогузубуз болсо да тогуз дүйнө* [36, 6-б.].

Үй-бүлөлүк турмуштун татаалдыгын, эрди-катындын ортосунда талаштуу маселелер да болуп турарын чынчыл акын жашырбайт. Үйдө кээде аялга көңүл бурулбай каларын да белгилейт. Ошентсе да, үй-бүлөнүн бекем түркүгүнүн бири аял экенине тан берет.

*Үр кыз элең, бейиштин бир кызындай,*
*Үлпүлдөгөн бейиштин же кушундай.*
*Үйүмдө бир аял болдуң урушчаак,*
*Үй – бейишим бүгүн менин ушундай* [36, 21-б.].

*Көр тирлик деп, кээде жакшы көрбөсөм,*
*Күлүп-жайнап өткөргөнүң төргө сен*
*Күнүмдүк бир көнүмүшкө айлантсам –*
*Күнөө менде. Жаным, көңүл бөлбө сен!* [36, 22-б.]

*Дайрада түркүн агылдым,*
*Жашоодон канча жаңылдым.*
*Жардамга келип сен өзүң,*
*Жаңылган сайын жаңырдым* [36, 24-б.].

*Кишиден миңдеген, жүздөгөн*
*Сен мага темасың бүтпөгөн.*

*Сен мага жоосуң да, доочум да,*
*Жапжалгыз кишисиң түтпөгөн* [36, 26-б.].

Ошентип, үй-бүлөнүн ичиндеги акындын эң бир түтпөгөн, кыйбаган кишиси – бул анын жубайы. Азыркы убакта үй-бүлө баалуулугуна карата жаштар арасында жаңылыш ойлор калыптанып жаткан учурда, акындын бул саптары алар үчүн үй-бүлө очогунун куту эмнеде экенин түшүндүрүүчү нуска болуп саналат.

Акын дале болсо ата-эне үй-бүлөдөгү эң бир ыйык адамдар экенин бизге эскертет. Анын ою боюнча, ата-энеси бар балдар абдан бактылуу. Ата-эне – балдар үчүн жердеги кудай. Алар бүт эмгегин балдарына арнашат, балдары деп жашашат.

*Баары билет Ата-Эненин,*
*Балам десе жанын берерин.*
*Бапестейли биз да аларды*
*Бейиш – таманында Эненин* [36, 42-б.].

Акын ыры менен кызына акыл-насаатын айта кетет. Ата-энеси аны жандай көрөрүн түшүндүрөт. Ага адам болуп жетилүүнү, батадан агарып-көгөрүүнү тиленет. Бул насааты келечектеги ата-энелер – азыркы балдар-кыздар үчүн абдан маанилүү.

*Силер үчүн жашаган*
*Апаң-Атаң – түгөйбүз.*
*Агар-көгөр батадан,*
*Амандыгың тилейбиз* [36, 132-б.].

Турмуш чындыгында ар бир ата-эне балам, кызым жакшы болсо, татыктуу билим алса, жашоодон ордун тапса деп ойлойт. Андай ойлор акындын да көкүрөгүн тиреп турат. Ошондуктан акын окууну таштайм деген кызына акыл айткан ата тууралуу термесин жаратат. Ал терменин маңызы төмөнкү саптарда жатат:

*Ашыкпа бизди бакканга,*
*Акыбет болбойт шашканда.*
*Бүт тилек-ойго жетесиң,*
*Билимди мыктап казганда* [36, 144-б.].

Жедигер Саалаев өзүнүн үй-бүлө жалпы адамзаттык баалуулугуна карата мамилесин «Үй-бүлө» аттуу термесинде кеңири ачып көрсөткөн. Бул чыгармада үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн – атасынын, энесинин, уулунун, кызынын, келининин – ээлеген орду жөнүндө айтылат. Толук кандуу үй-бүлөдө анын ар бир мүчөсүнүн маанилүү орду бар экени белгиленет. Үй-бүлөлүк тарбия-таалим, анын инсанды калыптандыруудагы, адам кылып жетилдирүүдөгү мааниси жөнүндө ой жорулат. Терменин сонунда төмөнкүдөй тыянак чыгарылат:



*Ар кимдерди ээрчибей,*
*Ала-Тоонун атуулу,*
*Ата-энени кастарлап,*
*Намыстуу бол, садагам!*
*Садага чаап жүрөгүң,*
*Сыймыгы бол бүлөңүн!*
*Үй-бүлөңдү сүйсөң сен –*
*Мекенди ошол сүйөрүң!* [36, 155-б.]

Тыянактын мааниси түшүнүктүү. Акын бизге Ата Мекенди сүйүү үй-бүлөнү сүйүүдөн башталарын эскертип жатат. Аныгында да ошондой.

«Манас дух» (2020-ж.) китебиндеги «Кооз күндөр», «Апам колдойт, апам коргойт түшүмдө», «Үй-бүлө термеси», «Түркияда кызым бар», «Мен ушинтип үмүт арткам уулума», «Көч башы», «Баатыр эже», «Үмөтакун байкеме», «Үмөкеме», «Гүлнарага», «Кантемирге», «Арбагыңдан айланайын ата-эне» деген ырларда дагы үй-бүлө баалуулугунун түрдүү кырлары ачылып талданат.

Акын апасынын элесин жадынан чыгарбайт. Ар дайым ага таянат, андар демөөр алат. Бул анын эненин үй-бүлөдөгү ордуна чоң маани бергенин, мына ошол түйшүкчүл энеге карата сый-урматын ар дайым калтырбай келгенин түшүндүрүп турат.

*Көртирликте ишим жүрбөй кээ күнү,*
*Түйшүк тартсам үйүмдө же ишимде.*
*Эркелетип, төгүп чексиз мээримин,*
*Апам колдойт, апам коргойт түшүмдө* [37, 95-б.].

Акын үй-бүлөнү аздектеп кароо керектигин төмөнкү саптары менен жаштардын кулагына кыттай куят.

*Эр жигиттин мыктысы –*
*Сыртта мырза, үйдө кул.*
*Камкордукту, урматты*
*Көчөгө эмес, үйгө кыл!* [37, 117-б.]

Калети жок саптар. Үй-бүлөнү белсенип кургандан кийин, аны кастарлап күтүү абзел. Биринчи орунда үй-бүлө, андан кийин калганы туруусу зарыл. Мына ошондо курулган үй-бүлө бекем болот.

Акындын ага-инилерине, эже-карындаштарына, уул-кызына арнаган ырлары да үй-бүлөдө бекем тууганды байланыштар чоң мааниге ээ экенин, үй-бүлө мына ошону менен кармалып турарын көрсөткөн олуттуу чыгармалар болуп саналат. Дегинкиси, Жедигер Саалаев акын катары үй-бүлө жалпы адамзаттык баалуулугуна өзүнүн поэзиясынан өзгөчө орун берет.

**2.4. Эмгек баалуулугу**

Эмгек жалпы адамзаттык баалуулугу көркөм адабиятта, анын поэзия салаасында мурунтан сөзгө алынып келаткан салттуу темалардан болуп эсептелет. Бул темага советтик мезгилде өзгөчө чоң көңүл бурулчу. Эмгектин алдыңкылары, эмгекчил адамдар коомдо сый-урматка бөлөнүп турчу. Азыр болсо шарт өзгөрдү. Эмгекчилерге мурдагыдай камкордук көрүлбөй калды. Алар бүгүн ар кимиси өз арбайын согуп келишет. Анткен менен чыгармачыл инсандар өз көркөм туундуларында эмгекчил адамдар тууралуу жазууларын улантып жатышат.

Жедигер Саалаев дагы эмгек темасына кайрылып, бир катар чыгармаларын жараткан. Мындан биз ал эмгек жалпы адамзаттык баалуулугуна кайдыгер карабай тургандыгын биле алабыз.

"Аттануу" (2011-ж.) жыйнагындагы "Көктөмдөгү ишембилик", "Гезит чыгаруу", "Гезитчинин блокнотунан", "Дыйкан" "Күз", "Чөмөлө" деген ырларда эмгек процесси сүрөттөлүп, эмгек баалуулугуна көңүл бурулат.

*Бүгүн мына – ишемби күн,*
*Көктөмдөгү ишембилик.*
*Куру сөзгө орун жок жер бетинде,*
*Эркин эмгек күчүнөн – улуу күчтөн*
*Жер эне чыга түштү келбетине* [33, 17-б.].

Акын эркин эмгекти улуу күчкө теңейт. Чынында да эмгек бул – зор күч. Ал бүткүл ааламды өзгөртө алат. Адам баласы эмгеги менен баар табат. Мейли, ал кайсыл гана кесиптин ээси болбосун.

*Өх-х, акыры*
*Бардыгы бүткөн кезде,*
*"Жарыкка!" – деп кол коюп чыксам эшикке*
*Түн небак безген экен,*
*Калыптыр ал жалгыз гана*
*Чычаладай кызарган көздөрүмдө.*
*Ичпей-жебей мас болуп көз көрүнөө*
*Автобуста үргүлөп келе жаттым* [33, 20-б.].

Бул саптарда жумуштан чарчап келаткан адам тууралуу сөз болууда. Анын жумушу – гезит чыгаруу. Өткөн мезгилде гезит чыгаруу үчүн адегенде бардык материалдарды дыкат карап, каталардан арылтуу зарыл эле. Ал үчүн редакторлор, корректорлор түнү бою уктабай иштеше турган. Мындай жан этин жеген мээнетти бир гана иштеген адам билүүчү. Бул карандай эмгек жумшалган азаптуу иш эле. Акын өзү да иштеп калган. Анан ошол таасирлерден улам ырлар жаралган.

*Бүгүн эрте келемин жумушума*



*Жекшембилик номурга дежур болуп.*
*Сүйгөн кесип, датым жок турмушума*
*Калсам дагы ишимде кээде конуп* [33, 21-б.].

Акын кезегинде журналисттик кесипти аркалаган. Ошондо гезит чыгарууга дежурлук кылган учурлары болгон. Анда түнү бою уктабай, үйүнө барбай иштеген. Мына ошол эмгеги туурасында айтып жатат.

*Көркү чыгып эгин талаам,*
*Бышып барат буралып.*
*Күлмүңдөгөн дыйкан абам,*
*Күн-түн жүрөт сугарып* [33, 36-б.].

Албетте, акын балачагын айылда өткөргөндүктөн, айыл турмушу, жашоосу менен жакшы тааныш. Ал дыйкандардын, малчылардын эмгегин мыкты билет. Ошондуктан дыйкандын түйшүктүү эмгегине арнап ушул ыр саптарын жаратып отурат. Бул дагы анын эмгек баалуулугун аздектей турганын көрсөтөт.

*Алтын күздүн ажарына арбалып,*
*Ыр жаза албай олтурган жаш акынды*
*Атакеси шаймандарын шайланып,*
*– Жүр, картошкө казабыз, - деп чакырды* [33, 56-б.].

Эмгек адамдын жашоосунун негизи болгондуктан, улуу муундар жаштарды эмгек кылууга көнүктүрүп, үйрөтүүсү абзел. Бул саптарда мына ошондой бир учур чагылтылган.

*Биз иштейбиз чоңдор менен мелдешип,*
*Мактап койсо: "Мына, бали, эр!..." – дешип.*
*Чөп басканда озуп кетип дайыма*
*Уялтабыз улууларды тердетип* [33, 170-б.].

Акын бала чагында өзү теңдүү курбулары – мектеп окуучулары болуп, колхоз жумуштарына жардамга иштеп берген учурларын эскерип жатат. Ар бир адам ушинтип жаш кезинен эмгек кылууга үйрөнгөнү, анын турмушка даярдык менен бышып баруусуна жол ачары чындык.

"Аламан" (2011-ж.) жыйнагындагы "Сагын аба", "Жаз" аттуу ырларында да эмгек баалуулугу даңазаланат.

*Сагынткан Сагын абабыз*
*Шарт ыргып минип атына*
*Жаш кездей дале, караңыз,*
*Малына кетти шашыла* [34, 64-б.].

Бул ыр саптары жетимиш үчтөгү аксакалга арналган. Ал кутман куракка келсе да, эмгек кылуудан эч тажабайт. Жаш кезинен мал багып, эмгек менен өскөн. Эми да жөн жатпай, короосун ар түрдүү тех-

никага, төрт түлүк малга толтуруп, тегирмен куруп, тер төгүп мээнеттенип келет. Акын ушул каарманы аркылуу адамды эмгек гана адамкыларын эсибизге салат.

*Андан көрө жазды жарат керекке,*
*Жер энеге кудай берсин береке.*
*Жыйын, митинг, курултай – деп чогулбай,*
*Жер айдоого аттаналы эмесе!* [34, 83-б.]

Акын өлкөбүздө болуп өткөн окуяларга абыгер чегип, элдин баары саясатташып кеткенине кейип, андан көрө эмгек кылалы деген таризде калың журтун ак эмгекке чакырып ушул саптарын жараткан.

“Ак куулар” (2015-ж.) жыйнагында “Кыргызымдын оймосу”, “Базарные женщины”, “Чыныгы Султан агайга”, “Эгембердиевдин жаркын элесине” аттуу ырларда да эмгек баалуулугу сөзгө алынат.

*Эч бузбай оюп сынынан,*
*Эринбей шырдак шырыган.*
*Элимде уз кыз-келин көп,*
*Эмгектин таткан сыйынан* [36, 16-б.].

Ар бир кыргыз баласы уздардын эмгеги кандай түйшүктүү экендигин билет. Акын да муну көз кырынан кетирбей, оймо менен өзүн тааныткан уз кыз-келиндердин мээнети катуу эмгегинин акыбети үзүрлүү экенин баалап, ушул саптарын жазып отурат. Бүгүнкү күндө кыргыздын уздары өзгөчө кийим-кечелердин моделдерин иштеп чыгышып, бүт дүйнөгө таанылып жатышат. Бул талыкпаган эмгектин натыйжасы деп айта алабыз.

*Базарында таңдан кечке*
*Баарын сатып олтурат.*
*Бал аарыдай талбай кечке,*
*Бакытты үйгө толтурат* [36, 17-б.].

Заман өзгөрдү, аны менен кошо эмгектин калыбы да өзгөрдү. Бүгүнкү күндө базарда соода кылган катмардын саны арбын. Алардын эмгеги да азаптуу жана түйшүктүү. “Ар бир кесип ардактуу” дегендей, акын базарчы аялдардын эмгегине да жогору баа берет.

*Эмгек менен окуу жайын кураган,*
*Элдик киши, Султан киши бул адам.*
*Эр башына күн түшкөндө кол сунуп,*
*Таптап кайра, талпындырган уядан* [36, 109-б.].

Учурдун агымына жараша, бүгүн бардык кесиптин ээлери өз алдынча жан сактоого өтүшкөн. Ошондой инсандардын бири – Султан Мамбеткалиев – Чүй университетинин негиздөөчүсү болгон. Ал өлкөбүздө биринчилерден болуп жеке менчик жогорку окуу жайды түптөгөн. Бул иш чоң мээнетти талап кылганы айтпаса да түшүнүктүү.

*Жарма жагып, “Максым шоро” аталып,*
*Жамы журттан “шорочулар” бата алып,*
*Фирма “Шоро” эмгек менен чыгарды,*
*Табылды эмес, кыргыз жарма атагын* [36, 110-б.].

Кыргыздын дагы бир чыгаан уулу – “Шоро” фирмасынын негиздөөчүсү Табылды Эгембердиев карандай өзүнүн ак эмгеги менен ойсураган байлыкка жетишкен инсан болгон. Акын анын элдин оюна келбеген ишти баштаган мээнеткечтигин ырга салган.

“Манас дух” (2020-ж.) жыйнагында эмгекке арналган “Шаар курган жигит” аттуу ыры бар. Ал ырда курулуш тармагында көп жылдап иштеп, эмгегинен баар тапкан азамат инсан жөнүндө сөз болот. “Болор бала богунан” деген эл сөзүнө ылайык, ырдын кейипкери бала кезинен эле айылда курулуш курганды үйрөнүптүр. Кийин ошол тармакта билим алып, мыкты инженер-куруучу болуп, союз кулаганда үй курган ишкерликти аркалап, бакубат жашоого жетиптир. Кыскача мазмуну ушундай. Көрүнүп тургандай, бул ырда да эмгек гана эр-азаматты эрезеге жеткирери айтылып, эмгек баалуулугуна өзгөчө баа берилет.

*Балалык күндөр бал тамып,*
*Кутурчу кезде даң салып,*
*Курбусу ойноп жүргөндө*
*Кутубай жүрчү там салып.*

*Цементин чылап, кыш куюп,*
*Таш, шагыл ташып, иш кылып.*
*Сокмолоп короо, үй-жайды,*
*Тырмактай бала бүт кылып* [37, 105-б.].

Ошентип, Жедигер Саалаевдин поэзия ааламында мааниси чоң жалпы адамзаттык баалуулук – эмгек туурасында ар бир адамга азык болор орчундуу ойлор камтылган татынакай ырлар арбын. Акын өзү да жалаң эмгеги, мээнети менен ар бир кылган ишинин майын чыгарып, мыкты журналист, мыкты акын, мыкты юрист катары элине таанылган.

## КОРУТУНДУ

Акын Жедигер Саалаевдин поэзиясында жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышы тууралуу кошумча окуу куралынын аягында төмөнкүдөй тыянактарга келдик:

1. Илимде баалуулук түшүнүгүнүн көптөгөн аныктамалары бар. Ал аныктамалардан биз баалуулуктарды адам баласы аныктай жана баалай турганын билебиз. Негизи баалуулук – бул адамдардын сезимдери баарынан жогору турууучу жана ага умтулууга, абай салууга, сыйлап, таанып, урматтап мамиле кылууга болуучу нерсе.

2. Кыргыз поэзиясында жалпы адамзаттык баалуулуктарга ар дайым маани берилип келген. Кыргыз акындарынын ырларында мекен, өмүр, сүйүү, үй-бүлө, эмгек, эрдик, акыйкаттык, жакшылык, сулуулук ж.б. өңдүү орчундуу баалуулуктар дамамат чагылтылган. Муну биз А. Осмонов, С. Эралиев, Т. Кожомбердиев, А. Өмүрканов, Ш. Дүйшеев, Ж. Саалаев ж.б. көптөгөн акындарыбыздын чыгармачылыктарынан байкай алабыз.

3. Акын Жедигер Саалаевдин бардык ырлар жыйнактарынан маанилүү жалпы адамзаттык баалуулуктарды учурата алабыз. Эгерде акындын жан дүйнөсүнөн агылып чыккан чыгармачыл туундулардын баалуулуктук мазмунуна сереп салсак, алардын көпчүлүгүндө коом үчүн негизги, түптүү болуп саналган төмөнкү баалуулуктар орун алганын байкай алабыз – Адам, Үй-бүлө, Ата Мекен, Эмгек, Билим, Маданият, Дүйнө, Жер. Биз мына ушул маанилүү жалпы адамзаттык баалуулуктардын ичинен эки-үчөөнө, атап айтканда, Ата Мекен, Үй-бүлө, Эмгек баалуулуктарына токтолуп талдоо жасоону туура көрдүк.

4. Бардык эле акындар Ата Мекен тууралуу көңүлдү эргиткен ырларды жазышат. Кыргыз поэзиясындагы андай ырлардын эң бир мыкты үлгүсү катары залкар акын Алыкул Осмоновдун “Ата Журт” аттуу лирикасы эсептелип жүрөт. Жедигер Саалаев дагы ушул салттуу темадан четтебейт. Анын ар бир жыйнагынан Ата Мекенге, анын ичинде кичи мекенге – туулган жерине арналган ырлар ондоп табылат. Аларда Кыргызстандын табияты, тоолору, көлдөрү ж.б. жөнүндө айтылат. Ошондой эле акындын мекен темасындагы поэмалары дагы бар.

5. Башка элдердин чыгармачыл инсандарындай эле, кыргыз акындары да өз чыгармачылыгында үй-бүлө жалпы адамзаттык баалуулугуна маанилүү орун беришет. Үй-бүлөнү ыйык тутуп кастарлаган акындардын катарына биз сөз кылып жаткан Жедигер Саалаев дагы кирет.



Ал ырларында үй-бүлөнүн коомдогу ордуна, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ынтымак-ырашкерлигине өзгөчө көңүл бурат.

6. Эмгек жалпы адамзаттык баалуулугу көркөм адабиятта, анын поэзия салаасында мурунтан сөзгө алынып келаткан салттуу темалардан болуп эсептелет. Жедигер Саалаев дагы эмгек темасына кайрылып, бир катар чыгармаларын жараткан. Мындан биз ал эмгек жалпы адамзаттык баалуулугуна кайдыгер карабай тургандыгын биле алабыз.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. **Акматалиев, А.** Тыныстанов Касым [Текст] / А. Акматалиев // Классикалык изилдөөлөр: Адабият таануу, 5-китеп. – Б.: Принт-экспресс, 2017. – 664 б.
2. **Алыбаев, М.** Ырлар жыйнагы [Текст] / М. Алыбаев. – Ф.: Кыргызмамбас, 1947. – 52 б.
3. **Алыбаев, М.** Ак чүч: Сатиралар жана лирикалык ырлар [Текст] / М. Алыбаев. – Ф.: Кыргызмамбас, 1957. – 122 б.
4. **Аскаров, Т.** Образдуу ой жүгүртүүнүн чексиздиги [Текст] / Т. Аскаров. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2000. – 112 б.
5. **Бөкөнбаев, Ж.** Тандалган чыгармаларынын 2 томдугу. Т.1. [Текст] / Ж. Бөкөнбаев. – Ф.: Кыргызстан, 1973. – Т.1. – 532 б.
6. **Бөкөнбаев, Ж.** Ажал менен ар-намыс [Текст] / Ж. Бөкөнбаев. – Ф.: Кыргызмамбас, 1943. – 38 б.
7. **Брудный, А. А.** Пространство возможностей: Введение в исследование реальности [Текст] / А. А. Брудный. – Б.: Илим, 1999. – 388 с.
8. **Даутов, К.** Издегеним тубаса акын, тунук поэзия [Текст] / К. Даутов. – Б.: Бийиктик, 2008. – 476 б.
9. **Дүйшеев, Ш.** Кайдыгерлик: Ырлар [Текст] / Ш. Дүйшеев. – Ф.: Адабият, 1991, 24-б. – 80 б.
10. **Дүйшеев, Ш.** Арабадагы ыр – 2 [Текст] / Ш. Дүйшеев. – Б.: Педагогика, 1999, 111-б. – 430 б.
11. **Жигитов, С.** Ыймандай сырым менин: Ырлар, поэмалар, котормолор [Текст] / С. Жигитов. – Ф.: Мектеп, 1971. – 80 б.
12. **Жигитов, С.** Мукайдын акындык сабактары [Текст] / С. Жигитов // Классикалык изилдөөлөр: Адабият таануу. 5-китеп. – Б.: Принт-экспресс, 2017. – 664 б.
13. **Жусуев, С.** Көңүл күүлөрү: Ырлар жана поэмалар [Текст] / С. Жусуев. – Ф.: Кыргызстан, 1966. – 195 б.
14. **Жусуев, С.** Адамдар: Ырлар, дастандар [Текст] / С. Жусуев. – Б.: Кыргызстан, 1997. – 240 б.
15. **Ибраев, Э.** Даван: Ырлар жана сатиралар [Текст] / Э. Ибраев. – Б.: Адабият, 1993. – 384 б.
16. **Ибраимов, О.** История кыргызской литературы XX века [Текст]: в 2-х т. / О. Ибраимов. – Б.: Бийиктик, 2013. – Т.1. – 480 с.
17. **Ибраимов, О.** Касым Тыныстанов жана ал жашаган доор [Текст] / О. Ибраимов // Классикалык изилдөөлөр: Адабият таануу. 5-китеп. – Б.: Принт-экспресс, 2017. – 664 б.





18. **Касым Тыныстан уулу:** Адабий чыгармалар [Текст] / К. Тыныстан уулу. – Б.: Адабият, 1991, 25-б. – 192 б.
19. **Кожомбердиев, Т.** Таңкы симфония: Ырлар [Текст] / Т. Кожомбердиев. – Ф.: Кыргызстан, 1968. – 142 б.
20. **Кожомбердиев, Т.** От өчпөгөн коломто: Тандалган ырлар жана поэмалар [Текст] / Т. Кожомбердиев. – Ф.: Кыргызстан, 1972. – 444 б.
21. **Кыргыз поэзиясынын антологиясы:** 2-китеп [Текст] / Түзүүчүлөр: С. Акматбекова, С. Тургунбаев, Т. Самудинов. – Б.: Кыргызполиграфкомбинат, 2000. – 528 б.
22. **Кыргыз Республикасынын жазуучулары:** Маалымдама. 1-том [Текст] / Түз. М. А. Ааматов ж.б. – Б.: Дэми, 2008. – 736 б.
23. **Кыргызстан** [Текст]: Улуттук энциклопедия. 1-том. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2006. – Т.1. – 688 б. илл.
24. **Мамытов, Ж.** Отту сүйөм: Ырлар [Текст] / Ж. Мамытов. – Ф.: Кыргызстан, 1969. – 79 б.
25. **Новая философская энциклопедия** [Текст]: в 4 т. T.IV. – М.: Мысль, 2010. – Т.4. – 736 с.
26. **Осмонов, А.** Махабат: Ырлар [Текст] / А. Осмонов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1945. – 76 б.
27. **Осмонов, А.** Жаңы ырлар: Ырлар жана поэмалар [Текст] / А. Осмонов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1947. – 86 б.
28. **Осмонов, А.** Ата Журт: Жарыяланбаган чыгармалар [Текст] / А. Осмонов.. – Ф.: Кыргызмамбас, 1958. – 200 б.
29. **Өмүрканов, А.** Күндөгү так: Ырлар жана поэма [Текст] / А. Өмүрканов. – Б.: Кыргызстан, 1995. – 336-б.
30. **Райкан:** Тандалган ырлар, тамсилдер, термелер [Текст] / Р. Шүкүрбеков. – Б.: Кыргызстан, 1997. – 332 б.
31. **Рыскулов, Р.** Ыр чыны: Ырлар [Текст] / Р. Рыскулов. – Ф.: Кыргызстан, 1966. – 172 б.
32. **Рыскулов, Р.** Күн майрам: Ырлар [Текст] / Р. Рыскулов. – Ф.: Мектеп, 1967. – 64 б.
33. **Саалай, Ж.** Аттануу: Ырлар, поэмалар [Текст] / Ж. Саалай. – Б.: Турар, 2011. – 196 б.
34. **Саалай, Ж.** Аламан: Тандалбаган ырлар, поэмалар, арноолор [Текст] / Ж. Саалай. – Б.: Турар, 2011. – 336 б.
35. **Саалай, Ж.** Арыбагын, Күн! Поэма, баллада [Текст] / Ж. Саалай. – Б.: Турар, 2013. – 100 б.

36. **Саалай, Ж.** Ак куулар: Поэзиялар, ырлар жана котормолор [Текст] / Ж. Саалай. – Б.: КРӨ караштууИнтеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы, 2015. – 198 б.
37. **Саалай, Ж.** Манас дух: Ырлар, терме поэмалар, баллададалар, котормолор [Текст] / Ж. Саалай. – Б.: Турар, 2020. – 232 б.
38. **Сарногоев, Б.** Ак калпак: Ырлар жана поэмалар [Текст] / Б. Сарногоев. – Ф.: Кыргызмамбас, 1961. – 188 б.
39. **Сарногоев, Б.** Сүйлөшүү: Ырлар, поэмалар, термелер [Текст] / Б. Сарногоев. – Ф.: Кыргызстан, 1970. – 167 б.
40. **Сарногоев, Б.** Ашуудан берген отчётум: Ырлар, поэмалар [Текст] / Б. Сарногоев. – Ф.:Адабият, 1989. – 336 б.
41. **Столович, Л. Н.** Красота. Добро. Истина: Очерк истории эстетической аксиологии [Текст] / Л. Н. Столович. – М.: Республика, 1994. – 464 с.
42. **Султанов, О.** Жылдыздуу түндөр: Ырлар [Текст] / О. Султанов. – Ф.: Кыргызстан, 1965. – 115 б.
43. **Султанов, О.** Отузунчу станция: Ырлар [Текст] / О. Султанов. – Ф.: Мектеп, 1968. – 87 б.
44. **Султанов, О.** Дүйнө: Ырлар [Текст] / О. Султанов. – Ф.: Кыргызстан, 1979. – 72 б.
45. **Султанов, О.** Жан берели сүйүүгө: Ырлар, поэмалар [Текст] / О. Султанов. – Б.: Кыргызстан, 1996. – 230 б.
46. **Токомбаев, А.** Тандалган чыгармаларынын үч томдук жыйнагы. Т.1. Ырлар жана алгачкы дастандары [Текст] / А. Токомбаев. – Ф.: Кыргызстан, 1972. – Т.1. – 642 б.
47. **Тураева, М.** Жүрөгүмө өзүң гана чак келдиң: Ырлар [Текст] / М. Тураева. – Б.: Адабият, 1993. – 120 б.
48. **Философский энциклопедический словарь** [Текст]. – М.: Инфра-М, 1997. – 576 с.
49. **Элебаев, М.** Тандалган чыгармалар [Текст] / М. Элебаев. – Ф.: Кыргызстан, 1974. – 448 б.
50. **Эралиев, С.** Ак-Мөөр: Лирикалык поэма [Текст] / С. Эралиев. – Ф.: Кыргызмамбас, 1959. – 224 б.
51. **Эралиев, С.** Уяң жылдыздар: Ырлар жана поэмалар жыйнагы [Текст] / С. Эралиев. – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1962. – 186 б.
52. **Эркебаев, А.** Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары [Текст] / А. Эркебаев. – Б.: Учкун, 2004. – 254 б.



Жаңыбаева Майрамкүл, Мокеева Асылай, Жантаев Адилбек

**Ж. СААЛАЕВДИН ПОЭЗИЯСЫНДА ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ**

Кошумча окуу куралы

Адис редактору: *Н. Бийгелдиева*
Редактору: *Г. Усеналиева*
Тех.редактору: *Т. Дюшеева*
Корректору: *Т. Аскар уулу*

Ченеми 60x84/6. Көлөмү 3,5 басма табак.
Офсеттик басуу. Нускасы 500.
«ЖИ Сарыбаев Т. Т.» басмасында басылды.
Бишкек ш., Манас пр., 101